Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити


# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2025-жылдын
30-декабры

№103 (3760)

www.erkin-too.kg

# 2026-Жаңы жылыңыздар менен!



## ЖЫЛКЫ ЖЫЛЫ АДАЛ ЭМГЕК МЕНЕН ИЙГИЛИК ЖАРАТКАНДАРДЫ АЛГА СҮРӨЙТ

Кытай жана Борбор Азия элдеринин жыл санагында Жылкы жылы – олуттуу кыймыл-аракеттин, ак эмгектин жана бийик духтун символу. Ал башка жылдардан өзүнүн ылдам темпи, чечкиндүү кадамы, толуп-ташып турган энергиясы жана жаңычыл деми менен айырмаланат. Жылкы – тынымсыз кыймылда, бирок жол тандаганды билген, күчүн туура бөлүштүргөн жаныбар. Ошондуктан бул жылда адамдар да жашоосуна жаңы багыт берип, максаттарын даана, так коюуга көңүл буруусу шарт.

Астрологиялык жана элдик түшүнүктөрдө Жылкы жылы – эркиндикти сүйүүгө, жоомарттыкка, адилет сезимдерге, зор ийгилик жаратуу үчүн чечкиндүү кадамдарга барууга мүмкүнчүлүк түзөт. Көпчүлүк адамдар үчүн бул жыл – узак убакыттан бери ниет кылып келаткан иштерди баштоого, билим алууга, сапарга чыгууга, үй-бүлө ынтымагын бекемдөөгө абдан ыңгайлуу жыл. Кыргыз элинин салтында “Ата-эненин ыраазычылыгы – бактылуулуктун ачкычы” деп айтылат. Жылкы жылы үйдүн уюткусу болгон ата-энеге өзгөчө көңүл бурууну эскертет. Анткени, бул жылдын күчтүү энергиясы үй-бүлөдө жылуулук, колдоо жана биримдик болсо гана ийгиликке айланат. Ата-энеге болгон урмат жөн гана салт эмес, адамзаттын ички тынчтыгынын, акылман кеп-кеңештин жана моралдык таза күчтүн булагы.

Жылкы сезимтал, чечкиндүү, ылдам болгону менен такасы жок, табы жок жолго даяр болбой туруп, тайгак ашуу, тар кечүүдө чуркаса мүдүрүлүп жыгылат. Бул жылда төмөнкүлөргө өзгөчө сак болуу зарыл: шашылыш кабыл алынган чечимдерден, карыз, чыгымдарды көзөмөлсүз калтыруудан, сөздөн жаңылуудан, ден соолукту эске албай туш келди чуркоодон.

Бул жылда адам үчүн эң туура формула – эмгек + сабыр + багыт. Жылкы жылы жалкоолукту көтөрө албайт. Адал эмгек менен ийгилик жаратккандарды алга сүрөйт. Өз күчүнө ишенген, ниети ак, ата-энеге урмат көрсөткөн, моралдык жактан таза адамга бул жыл чоң мүмкүнчүлүктөрдүн эшигин ачат. Жылкы жылы – бул түз жолдун, адал эмгектин, ылдам өсүүнүн жана ак ниеттүүлүктүн жылы. Тизгинди туура кармап, жолго алдын ала сарепсеп салып, күчтү адилет бөлүштүрүп, Кудай деп сапарга чыкса бул жыл ар бир үйгө зор бакыт, береке-кут жана өлчөөсүз ийгиликтерди алып келет.


**Жылкы жылыңыздар кут болсун, урматтуу “Эркин-Тоо” гезитинин окурмандары!**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО



# Таштандыны иштетип, энергия ала баштадык

***Борбор Азияда аналогу жок, таштандыны утилдештирүү аркылуу электр кубатын өндүрүүчү алгачкы ишкана курулуп, Президент Садыр Жапаров экотехнологиялык заводдун расмий ачылышына катышты.***



Жалпыга маалым болгондой, көп жылдар бою өлкөнүн борбору катуу тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча курч көйгөйгө туш болгон. Күн сайын 1,5 миң тоннага чейин таштанды чыгарылып, бул Бишкектин экологиясына терс таасирин тийгизип келген. Өрттөнүп, калааны түтүн каптап жатканын билебиз. Бул көйгөй бир топ жылдардан бери көтөрүлүп, бирок системалуу чечилген эмес. Катуу тиричилик калдыктарын кайра иштетүүчү заводдун курулушун баштоо боюнча аракеттер жасалып, 2020-жылга чейин бул долбоорду ишке ашыруу үчүн Европа өлкөлөрүнөн 22 миллион евро тартылган. Бирок бул сумманын 16 миллион евросу максаттуу пайдаланылбай, натыйжада заводдун курулушу башталган эмес. 6 миллион евро банктык эсептерде калып, инвесторлорго кайтарылган. Ал эми калган 16 миллион еврону Бишкек мэриясы төлөп жатат.

Окуяны кыскача баяндаган Президент, азыркы завод долбоордо көрсөтүлгөн эки жылдык убакытка созулбай, 1,5 жылда курулуп бүткөнүн билдирди. Бул долбоордун концессиялык мөөнөтү 35 жылды түзөт. Бул убакыт бүткөн соң завод толугу менен мамлекеттин карамагына өтөт. Долбоор алкагында жылына 365 миң тонна таштанды иштетилет. Саатына кубаттуулугу 30 МВт болгон таза конденсациялык турбогенератордук электр станциясы курулду. Салыштырмалуу айта турган болсок, бул 80 миң тонна көмүрдү үнөмдөөгө жана 100 миң тонна көмүр кычкыл газын азайтууга барабар.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АЙРЫМ ЖАРЛЫКТАРЫН КҮЧҮН ЖОГОТТУ ДЕП ТААНУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

**ЖАРЛЫГЫ**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 28-декабрындагы № 414 "Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Түп районунун айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жөнүндө" Жарлыгы;

2) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 3-апрелиндеги № 85 "Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жөнүндө" Жарлыгы;

3) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 11-августундагы № 188 "Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 3-апрелиндеги № 85 "Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жөнүндө" Жарлыгына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Жарлыгы;

4) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 370 "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформаны жүргүзүү жөнүндө" Жарлыгы;

5) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 6-сентябрындагы № 254 "Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 370 "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" Жарлыгына өзгөртүү киргизүү тууралуу" Жарлыгы;

6) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 15-ноябрындагы № 326 "Кыргыз Республикасынын министрликтеринин жана ведомстволорунун райондук/региондук бөлүмдөрүн жана өкүлчүлүктөрүн пилоттук жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын убактылуу жетектөөсүнө өткөрүп берүү боюнча пилоттук долбоор жөнүндө" Жарлыгы.

**2.** Бул Жарлык расмий жарыялануууга тийиш жана 2026-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 29-декабры, №384***



## БАЛЫКТАР ҮЧҮН ТОЮТ ӨНДҮРҮЛӨТ

Президент Садыр Жапаров Чүй облусунун Панфилов районундагы "Тянь-Шань форель" ЖЧКсынын балыктар үчүн тоют өндүрүүчү заводунун иш шарттары менен таанышты.

Заводдун курулушуна жалпысынан 5 миллион АКШ доллары сарпталган, объект 7 гектарга жакын жер тилкесине курулган. Курулуш иштери 2025-жылдын май айында башталып, ушул эле жылдын декабрь айында аяктаган. Толук кубаттуулукта иштеген заводдо суткасына 100–130 тонна продукция өндүрүлөт. Завод ишке киргенден кийин 100дөн 120га чейин туруктуу жумуш орундары түзүлөт.

Мамлекет Башчысы заводдун жетекчилигинин көңүлүн сапат стандарттарын дыкат жана туруктуу сактоо зарылдыгына буруп, балык чарбасынын туруктуу өнүгүүсүнүн жана ата мекендик продукциянын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн негизги фактору азыктын жогорку сапаты экенин баса белгиледи.

## СОЦИАЛДЫК ЖООПКЕРЧИЛИК ЗАРЫЛ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Чүй облусуна иш сапары менен барып, бир катар социалдык мекемелерди кыдырып, аларды келе жаткан Жаңы жылы менен куттуктап, калктын социалдык аялуу катмарына даректүү колдоо көрсөтүүнүн маанилүүлүгүн белгиледи.

Сапардын алкагында Жайыл районунда жайгашкан Жайыл психоневрологиялык социалдык стационардык мекемесинде болуп, андан ары Беловодск шаарындагы балдардын психоневрологиялык социалдык стационардык мекемесине барды. Объект 2,4 гектар жерди ээлеп, жалпы турак жай аянты 3315 чарчы метрди түзөт. Мекеме 214 койкага ылайыкталып, калыбына келтирүү үчүн кошумча 40 керебет бар. Учурда анда 221 бала тарбияланууда.

Иш сапарынын соңунда Адылбек Касымалиев Беловодск айылында жайгашкан Беловодск атайын жалпы билим берүүчү (көмөкчү) мектеп-интернатынын ишмердүүлүгү менен таанышты. Окуу процессине 20 мугалим жана 14 тарбиячы тартылып, 160 бала билим алат. Мектепте кесипке үйрөтүүгө өзгөчө көңүл бурулат. Мектеп 1,859 гектар жерде эки кабаттуу типтүү имаратта жайгашкан.

## АТАМБАЕВ СЫЙЛЫКТАРЫНАН АЖЫРАТЫЛДЫ

Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук сотунун 2025-жылдын 3-июнундагы өкүмүн аткаруу үчүн Президент Садыр Жапаров атайын Жарлыкка кол койду. Ага ылайык, Алмазбек Атамбаев "Кыргыз Республикасынын Баатыры" Кыргыз Республикасынын эң жогорку артыкчылык даражасынан, II даражадагы "Манас" орденинен, "Данакер" орденинен, "Даңк" медалынан ажыратылды.

Ошондой эле 1999-жылдын 22-апрелиндеги №106 "А.Ш.Атамбаевди "Даңк" медалы менен сыйлоо жөнүндө" указы, 2007-жылдын 27-ноябрындагы №518 "А.Ш.Атамбаевди "Данакер" ордени менен сыйлоо жөнүндө" жарлыгы, 2011-жылдын 30-ноябрындагы №311 "Республиканын мамлекеттик жана коомдук ишмерлерин мамлекеттик сыйлыктар менен сыйлоо жөнүндө" жарлыгынын үчүнчү абзацы, 2017-жылдын 27-ноябрындагы №1 "А.Ш.Атамбаевге "Кыргыз Республикасынын Баатыры" эң жогорку артыкчылык даражасын ыйгаруу жөнүндө" жарлыгы жокко чыкты. Бул Жарлык кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.



## 2025-ЖЫЛДЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ ЧЫГАРЫЛДЫ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев КР Президентинин Администрациясынын кызматкерлеринин жалпы жыйынында 2025-жылдын жыйынтыгын чыгарды жана бир катар кызматкерлерге Министрлер Кабинетинин Ардак грамоталарын тапшырды жана алкыш жарыялады.

Администрациянын жетекчиси жылдын жыйынтыгы боюнча олуттуу натыйжаларга жетишилгенин, алар эл аралык деңгээлде жогору бааланганын баса белгиледи. Атап айтканда, Кыргызстандын ички дүң продуктусунун өсүшү 10%дан ашып, өлкө экономикалык өсүү темпи боюнча дүйнөлүк лидерлердин катарына кирди. Жыйындын жүрүшүндө аймактар менен өз ара аракеттенүү, тармактык жана тышкы саясат, протоколдук камсыздоо, укуктук камсыздоо, маалымат каражаттарында чагылдыруу, контролдоо жана документ жүгүртүү үчүн жооптуу бөлүмдөрдүн ишине жогору баа берилди.

**Зулпукаар САПАНОВ**

ЖЫЛ ЖЫЙЫНТЫГЫ



# БЮДЖЕТ БИР ТРИЛЛИОНДОН АШЫП, ИДП ЭКИ ТРИЛЛИОНГО ЖЕТКЕНИ КАЛДЫ

***Эгемендик алгандан кийинки 30 жылдык тарыхта ичип-жегенден башканы билбеген жетекчилердин айынан мамлекетибиз таланып-тонолуп, келечектен үмүт үзүлүп калган эле. Мыйзамсыздыкка, адилетсиздикке чыдабаган элибиз кара башын канжыгага байлап алып, үч ирет көтөрүлүп, бийликти алмаштырганга аргасыз болду. Кудай жалгап, 2020-жылдан кийин элдик бийлик орноду. Мамлекет башына Садыр Жапаров келген күндөн тарта өнүгүүгө бет алдык. Азыр кайсы жакты карабайлы курулуштар жүрүп, жолдор оңдолуп, мектеп, бала бакча ж.б. обьектилер салынып жатканына күбө болуудабыз. Быйылкы жылы да бардык тараптан өсүү ыргагы өргө карай жылып, ири ийгиликтерди багындырдык. Анын уруттуу учурларына токтоло кетели.***

### БЮДЖЕТ

Быйыл консолидацияланган бюджет биринчи жолу 1 триллион сомдон ашты. Тактап айтсак, 1 триллион 93 миллиард сомго жетти. Республикалык бюджет 34,3 миллиард сом профицит менен аяктады. Эске сала кетсек, 2020-жылы консолидацияланган бюджеттин көлөмү 247,7 млрд сом болгон. 4 жылдык эмгектин негизинде 1 триллиондон ашты.

### ИДП

Өлкөнүн ИДПсы 1,8 триллион сомго жетти. Бул акыркы жылдары экономиканын үч эсеге жакын өсүшүн көрсөттү. Өткөн жылы ИДПнын реалдуу өсүшү 11,5%ды түзүп, баштапкы болжолдонгон 9%ды түзгөн. Бул позитивдүү тенденция 2025-жылыда уланып, ИДПнын өсүшү 11 айда 10,2%га жетти. Эл аралык валюталык фонддун маалыматына ылайык, 2024-жылы Кыргызстан ИДПнын реалдуу өсүү темпи боюнча дүйнөдөгү алдыңкы үч өлкөнүн катарына кирди.

### САЛЫК

Салык кызматы жаңы тарыхый рекорд коюп, биринчи жолу салыктарды жана төлөмдөрдү жыйноо боюнча бекитилген жылдык планды мөөнөтүнөн мурда аткарды. 2025-жылга карата план 268,3 млрд сомду түзгөн эле, бул көрсөткүч ноябрь айында толугу менен аткарылды. Мындан тышкары, алдын ала маалыматтарга ылайык, жыл аягына чейин жалпы түшүүлөр 300 млрд сомдон ашышы мүмкүн. Бул туруктуу өсүү динамикасын ачык-айкын көрсөтөт. Үстүбүздөгү жылдын январь–ноябрь айларында бюджетке 275,7 млрд сом салык жана төлөмдөр түшкөн. Бул пландан 12,2 млрд сомго, ал эми өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 71,8 млрд сомго көп.

### БАЖЫ

Санариптик чечимдердин жана адам факторун минималдаштыруунун аркасында Мамлекеттик бажы кызматынын кирешеси үч жыл ичинде үч эсеге көбөйүп, 150,2 миллиард сомго жетти. Быйылкы жылдын үчүнчү кварталынын аягына карата Бажы кызматы бюджетке 102,1 млрд сом бажы төлөмдөрүнүн түшүшүн камсыз кылды. Бул пландан 2,4 млрд сомго көп (болжол менен 2,4 пайызга ашык аткаруу) жана түшүүлөрдүн туруктуу өсүшүн тастыктайт. Өткөн жылга салыштырмалуу быйылкы жылдын сегиз айында жыйымдар 88 млрд сомду түздү, бул 2024-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 7,7 млрд сомго көп. Өсүү темпи өткөн жылга салыштырмалуу болжол менен 110 пайызды түздү.

### “КУМТӨР”, “КЫРГЫЗАЛТЫН”, “МАКМАЛ”

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча компаниянын кирешеси 124 млрд 216 миллион сомдон ашты. Ал эми жыл соңуна чейин алтын өндүрүүнүн көлөмү 12 тоннага жетет. Баарыбыздын эсибизде болсо керек, эгемендик алгандан кийинки 30 жылда “Кумтөрдөн” 410 тоннадан ашык алтын казылып чыгып кеткен. Кыргызстан алган үлүштүк (дивиденд) кирешенин баарын кошкондо, болгону 100 миллион доллар болгон. Быйыл, бир жылдык эле үлүштүк кирешебиз 150 миллион доллар болуп жатат. Жыл ичиндеги жалпы кирешебиз доллар менен санаганда 1 млрд 420 миллион доллардан ашты. Ал эми 2020-жылга чейин 1 миллион доллар да киреше бербеген "Кыргызалтын" быйылкы жылы 200 миллион долларлык киреше берди. Мындай сумма түшүбүзгө да кирген эмес. Ошондой эле "Кыргызалтындын" былтыр жаңы ачылган алтын дүкөнү бир жылда 735 миллион сом таза киреше тапты. Ал эми мамлекеттен жыл сайын 300 миллион сомго чейин дотация алып олтурган “Макмал” алтын кени быйыл 670 миллион сом таза кирешеге чыкты.

### КУРУЛУШ

Курулуш секторунда секирик жасап, социалдык объектилерди курууда олуттуу ийгиликтерге жетишилди. Быйыл 291 объект пайдаланууга берилди, анын ичинде 129 мектеп, 60 бала бакча, 26 саламаттыкты сактоо объектиси, 35 маданият жана спорт объектиси, ошондой эле башка багыттагы 41 объект бар. Курултайда Президенттин уруксаты менен Адылбек Касымалиев 94 объектти онлайн ишке киргизди, анын 27си өнөр жай, 67си социалдык объектилер болду. Ушул жылдын аягына чейин дагы 21 социалдык объектинин, анын ичинде 14 мектептин жана 5 бала бакчанын курулушун жана капиталдык оңдоптүзөө иштерин аяктоо пландаштырылууда.

### ТУРАК ЖАЙ

Турак жай маселесине өзгөчө көңүл бурулууда. Мамлекеттик ипотекалык компания мурда болуп көрбөгөндөй жогорку темпти көрсөтүп, ушул жылы эле 4 600дөн ашык үй-бүлө батир алды. Бул акыркы төрт жылдагы жалпы берилген турак жайлардын жарымын түзөт. 2021-жылдан бери өлкө боюнча 9 250 үй-бүлө өз үйлөрүнө ээ болду. 2025-жылы турак жай курууга 40,2 миллиард сом багытталган. Учурда 73 357 батирдин курулушу жүрүп жатат. Мамлекеттик ипотекалык компаниянын уставдык капиталы 1 миллиард долларга жетти.

### ЖОЛ КУРУЛУШУ

Жылдын башында 1 миң чакырымдын тегерегиндеги жолго асфальт басуу пландалган. Бул жыйынтыкка жетишилип, өлкөдө 1545 чакырым жолго асфальт басылды. Бул башка жылдарга салыштырмалуу өтө чоң рекорд болуп, 2024-жылга салыштырмалуу эки эседен ашып түштү. Мындан тышкары, бир катар жолдордо ири көлөмдө асфальт басууга чейинки жер иштери аткарылып, кийинки жылы асфальттоого даярдалды. Эң башкысы, “Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан” темир жолун куруу иштери уланууда, ал эми Балыкчы – Кочкор темир жолунун тилкеси Кочкор шаарына чейин курулуп бүттү.

### “СОЦИАЛДЫК КЕЛИШИМ”

Үстүбүздөгү жылдын 11 айында аз камсыз жана жакыр үй-бүлөлөр менен 12 201 социалдык контракт түзүлдү. Социалдык контракттын алкагында катышуучулардын бизнес-долбоорлору айыл чарба, өндүрүш, соода жана кызмат көрсөтүү сыяктуу тармактарда ишке ашырылууда. Түзүлгөн социалдык контракттардын багыттарын алып караганда, эң көп айыл чарба тармагы – 9373 долбоор. Кызмат көрсөтүү тармагында 1112 долбоор, өндүрүштө – 925, соода тармагында – 727 долбоор ишке ашырылууда. Катышуучулардын жалпы санынан 10 902син аялдар түзөт. 2025-жылга белгиленген квота 13 333 катышуучуну түзөт.

### АЙЛЫК АКЫЛАР

2025-жылы бюджеттик персоналдын айрым категорияларынын, анын ичинде техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын, штаттан тышкаркы жана жарандык кызматкерлердин, ошондой эле мамлекеттик кызматчы категориясына кирбеген айрым кызматкерлердин эмгек акысы жогорулады. Мындан тышкары, күч түзүмдөрүнүн жана аскер кызматкерлеринин, илим кызматкерлеринин, судьялардын, Салык жана Бажы кызматтарынын, Башкы прокуратуранын, Борбордук шайлоо комиссиясынын, Пробация департаментинин жана Юридикалык жардам кызматынын кызматкерлеринин айлык акылары көбөйтүлдү.

2026-жылдын 1-апрелинен тарта социалдык коргоо, маданият, спорт кызматкерлеринин эмгек акысы 50%дан кем эмес көтөрүлөт. 2026-жылдын 1-сентябрынан тарта мамлекеттик жана муниципалдык кызматчы категориясына кирбеген мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге, ошондой эле мамлекеттик жана жергиликтүү органдардын техникалык жана кенже тейлөөчү персоналына жана күч түзүмдөрүнүн жарандык кызматкерлерине кошумча төлөмдөр 50%га чейин көбөйөт.

Ал эми мугалимдер менен дарыгерлердин маянасы 2026-жылдын 1-апрелинен тарта 100%га көтөрүлөт. Учурда мугалимдердин орточо айлыгы 26 миң сом. Көбөйгөндөн кийин 52 миң сомдун тегерегин түзөт. Ал эми дарыгерлердин орточо айлыгы 31 500 сомду түзөт, 2026-жылдын 1-апрелинен тарта 62 500 сомду түзүп, колуна 50 000 миң сомдун тегерегинде алат. Ошондой эле техникалык жана тейлөөчү персоналдын 2026-жылдын 1-апрелинен тарта көбөйтүлүүчү эмгек акысына кошумча бир ставкага 5 миң сом өлчөмүндө Президенттик компенсациялык төлөм кароо менен орточо 80%га эмгек акылары көбөйтүлөт.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

---

Жыл жыйынтыгы

## ИНВЕСТИЦИЯЛЫК КЛИМАТТЫН ЖАКШЫРЫШЫ ӨНҮГҮҮГӨ ӨБӨЛГӨ

***2025-жыл Кыргызстан үчүн инвестициялык климатты жакшыртууда маанилүү жылдардан болду. Структуралык жаңылануулардын аркасында чет өлкөлүк өнөктөштөр менен мамиле бекемделип, активдүү диалог түзүлүп, туруктуу өсүш камсыздалды. Бул тууралуу Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин директору Равшанбек Сабиров "Кабар" маалымат агенттигинде өткөн басма сөз жыйынында билдирди.***




Анын айтымында азыр ак ниет ишкерлер жана чет элдик инвесторлор үчүн мыйзамдуу түрдө кепилдик орнотулган. Ошондой эле инвестициялык ишмердүүлүктү коргоонун мыйзамдуу талаасы түзүлгөн. Өлкөдө инвесторлор үчүн бардык керектүү шарттар, санариптик кызматтар ишке ашты. Инвесторлордун мамлекеттик инвестициялык ресурстар менен өз ара аракеттенүүсүн жөнөкөйлөштүрүү үчүн иштелип чыккан Invest Kyrgyz AI Bot чатботу кызматын баштады. Аталган чатбот инвестициялык чөйрөнү санариптик трансформациялоо боюнча стратегиялык пландын бир бөлүгү болуп саналат жана инвесторлорго Кыргызстандагы мүмкүнчүлүктөр, жол-жоболор жана мамлекеттик колдоо чаралары боюнча актуалдуу маалымат бере алат. Ал күнү-түнү иштейт жана агенттиктин расмий веб-сайты аркылуу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жеткиликтүү. Чатбот аркылуу инвесторлор инвестициялык долбоорлорду каттоо жол-жоболору, юридикалык талаптар, жеткиликтүү стимулдар жана инвестициялык демилгелерге катышуу мүмкүнчүлүктөрү тууралуу суроолорго жооп ала алышат. Мындай заманбап чечимдерди ишке ашыруу инвестициялык чөйрөдөгү жагымдуулукту жогорулатууга багытталган.

Ушул күндөрдө өлкөгө бардык тармакка инвесторлор келип, ишкерлер менен биргеликте ири долбоорлор ишке ашырылып жатканын билдирген Сабиров айрыкча энергетикалык тармакта көп жумуш аткарылганын билдирди. Мамлекет менен жеке өнөктөштүктүн алкагында ишке ашырылган долбоорлордун жалпы инвестициялык портфели 434 миллиард сомду түзүп, 90 долбоорду камтыган. Бул мыкты көрсөткүч. 2024-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу инвестициянын көлөмү 21,7%га өскөн. Эң негизги өнөктөш өлкөлөр катары Кытай, Россия жана Түркия саналууда. Инвестициянын негизги багыттары кайра иштетүү өнөр-жайы, энергетика жана туризм деп табылган.

"Бүгүнкү күндө өлкөдө инвесторлор үчүн бардык зарыл шарттар түзүлдү. Натыйжада, Кыргызстан тиешелүү эл аралык рейтингде 68-орундан 22-орунга көтөрүлдү" деди Равшан Сабиров.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

КУРУЛТАЙ ЖАНА КООМ



**Токон МАМЫТОВ,** мамлекеттик жана саясий ишмер:

# ПРЕЗИДЕНТ АЧЫК ДИАЛОГГО ЧАКЫРЫК ТАШТАДЫ

– **Токон Болотбекович, Президент Садыр Жапаров Курултайда делегаттарды бийликти мактабоого, маселенин ток этерин айтууга чакырды. Сиздин пикириңиз?..**

– Элдик Курултайдын учурдагы форматы Мамлекет Башчысынын коом үчүн эң сезимтал жана талаштуу маселелер боюнча түз диалогго чыгууга даяр экенин көрсөткөн маанилүү саясий сигнал болуп саналат. Бул — алдын ала аныкталган күн тартиби жок, салттуу пресс-форматтарга мүнөздүү чыпкаларсыз коом менен түз жана ачык сүйлөшүүгө жасалган аракет. Бул жерде сөз коомдогу наразычылыкты жана сын-пикирлерди институционалдык нукка салуу, аларды социалдык тармактар, ушак-айыңдар жана көчө маанайы сыяктуу бейрасмий мейкиндиктен ачык-айкын жана башкарылуучу талкуу формасына өткөрүү аракети тууралуу болуп жатат.

Бир нече маанилүү жагдайды белгилеп кетүү зарыл:

Биринчиден, элди тынчсыздандырган «каалаган темаларды» ачык талкуулоо — бийлик үчүн ар дайым тобокелчилик жана ошол эле учурда жетишээрлик деңгээлде тайманбас кадам. Бул көзөмөлдөнгөн диалогдон баш тартууну жана коомдогу реалдуу, объективдүү көйгөйлөрдү угууга жана талкуулоого даярдыкты билдирет.

Экинчиден, мындай формат жана мамиле Президенттин диалог учурунда бюрократиялык чыпкаларга жол бербестигин көрсөтөт («муну айтууга болот, муну айтууга болбойт» деген жасалма чектөөлөрсүз), ошондой эле коомдогу көйгөйлөрдү жана альтернативдүү баалоолорду жеке өзү түз угууга даяр экенин айгинелейт. Бул — республиканын башкаруу аппараты жана анын кызматкерлери үчүн тартипке чакыруучу фактор, Мамлекет Башчысынын жеке үлгүсү болуп саналат.

Үчүнчүдөн, саясий партиялар системасынын алсыздыгы, жана ЖМКга болгон ишеним кризиси шартында Элдик Курултай иш жүзүндө коомдук коммуникация менен диалогду камсыз кылуучу компенсациялык механизмдин функциясын аткарууга аракет кылууда.

Төртүнчүдөн, өзгөчө белгилеп кетүү керек: Президенттин угууга даярдыгы менен бирге, Курултайда айтылган реалдуу жана объективдүү көйгөйлөрдү тиешелүү чечимдерге жана практикалык чараларга айландыруу жөндөмү чечүүчү мааниге ээ.

**Чынайым КУТМАНАЛИЕВА**

ПИКИР

**Токтогул КАКЧЕКЕЕВ,** эксперт:

# “РЕАЛДУУ КӨРСӨТКҮЧКӨ ТАЯНЫП, БАА БЕРДИ”



***Жыл соңунда Санкт-Петербург шаарында өткөн Жогорку Евразия экономикалык кеңешинин жыйынында Россиянын Президенти Владимир Путин ички дүң продукциянын (ИДПнын) өсүшү боюнча Кыргызстанды «чемпион» деп атады. Бул баа кайдан чыкты, эмнени билдирет жана эки өлкөнүн мамилеси кайсы нукка бет алды? Саясат таануучу, эксперт Токтогул Какчекеев менен маекти дал ушул суроолордун тегерегинде жүргүздүк.***

– **Токтогул агай, жыл жыйынтыгы менен Санкт-Петербургда өткөн президенттердин бейформал жолугушуусу эмнеси менен маанилүү болду? Бул иш сапардын негизги өзөгү эмнеде?**

– Бул форматтагы жолугушуулар жыл соңунда салттуу түрдө өткөрүлүп келет. Негизги максат – жыл ичинде кабыл алынган келишимдер кандай аткарылды, кайсы жерде кемчиликтер болду, кайсы багыттарда жылыш бар – ушунун баарын ачык талдоо. Ошол эле учурда мамлекет башчылары экономикалык көрсөткүчтөрдү салыштырып, келерки жылга багыт алышат. Бул жолу Кыргызстан өзгөчө көңүл борборунда болду.

– **Россиянын Президенти Владимир Путин Кыргызстанды «экономиканын чемпиону» деп атады. Бул саясий комплиментпи же реалдуу көрсөткүчтөргө таянып айтылдыбы?**

– Бул – куру сөз эмес, так санга таянган баа. ИДПнын өсүшү 10,7 пайызды түздү. Мындай көрсөткүч аймактагы көп мамлекеттерде жок Россия Президентинин муну ачык айтуусу Кыргызстан экономикасынын реалдуу өсүшүн, туруктуулугун жана ишенимдүүлүгүн тастыктайт.

– **Экономикалык өсүш Кыргызстанга болгон кызыгууну күчөтүп жатабы? Россия менен мамиленин тереңдешине бул фактор таасир этүүдөбү?**

– Албетте. Экономикасы өсүп жаткан мамлекет ар дайым кызыгууну жаратат. Жакында эле Владимир Путин мамлекеттик иш сапар учурунда Кыргызстанды ишенимдүү өнөктөш, биримдикке туруктуу өлкө катары мүнөздөдү. Экономикалык өсүш эки тараптуу программалардын жыйынтыгы экенин белгиледи. Бул мамилени мындан ары дагы тереңдетүүгө жол ачат.

– **Алдыдагы сүйлөшүүлөрдөн Кыргызстан кайсы тармактар боюнча эң көп утушка ээ боло алат?**

– Бизди кызыктырган багыттар арбын: мигранттардын укуктук абалы, жеңил өнөр жайдын экспорту, ГСМ, азык-түлүк коопсуздугу, транспорт, темир жол, автожолдор, энергетика, маданият жана билим берүү. Саясий эрк жана ишеним бар жерде бул маселелердин чечилиши толук мүмкүн.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АЙРЫМ ЖАРЛЫКТАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

## ЖАРЛЫГЫ

“Коргоо жана Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесинин 12-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам**:

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 11-майындагы №148 “Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн, башка аскердик түзүлүштөрүнүн жана мыйзам менен аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарынын аскер кызматчыларынын аскердик кийим формасы жана айырмалоочу белгилери жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлыктын 1-тиркемесинде:

– 7-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 5-пунктча менен толукталсын:

“5) УКМК үчүн – сыя көк түстө.”;

– 20-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

“УКМК үчүн: камуфляж түсүндөгү кездемеден жылууланган күрмө. Өңүрү кокетка менен, бүчүлөнгөн жагына 15 градус жантайыңкы турган сыдырма кыюусу бар өйдөкү жашыруун чөнтөктөрү менен, тик жакалуу. Ортосунан ички жактары сыдырма менен бүчүлөнөт, жылууланган ичи жана сыдырмалуу чечип алма капюшону (чечилбеген капюшон) бар. Далысы кокетка менен. Далынын жогорку бөлүгүндө моюнчанын сызыгында сыдырмага бириктирилген капюшон тигилген (танаптап тигилген). Жеңдердин учунда тарткычтары бар, алардын бош учтары жабышчаакка бекитилген. Жеңдердин учунун ички бөлүгү чоюлчаак билек боо менен тартылат.

Погондорду бекитүү үчүн ийин тигиштеринде формалык топчуга топчулануучу тарткычтар танаптап тигилген. Чечип алма, талаа погондору. Жогорку офицердик курам үчүн кайырма жака каракүлдөн жасалышы мүмкүн.”;

– 24-пункттун алтынчы абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“УКМК үчүн (УКМК ЧК тышкары): камуфляж түсүндөгү кездемеден жайкы талаа күрмө, силуэти түз, ортосунан жактары кымтыланма топчуга топчуланган, бир ачык топчусу бар. Өңүрү бүчүлүк тарапка 45 градус жантайыңкы абалда жайгашкан өйдөкү чапталып тигилген капкалдырыктуу чөнтөктөрү менен. Жабышчаактагы тик жака (чечип алма жана тик абалдарда кийип жүрүү мүмкүнчүлүгү менен). Далысы туюк бычылып тигилген. Жеңдин чыканагы бекемделип жамалган жана 45 градус жантайыңкы абалда капкалдырыктуу өйдөкү чаптама чөнтөктөрү бар. Жеңдин учу ичке тарткычтар менен, анын бош учтары жабышчаакка чапталат. Погондорду тагуу үчүн ийиндеги тигиштин өңүрүндө экиден өткөргүч жана экиден илгич бар. Чечип алма талаа погондору; жайкы талаа шымы камуфляж түстөгү кездемеден, топчуга топчулануучу бели танаптап тигилген, өткөргүчтөрү бар. Шымдын алды жагында каптал тигиштен белге чейин жантайыңкы чөнтөктөр жайгашкан. Ширинка топчуга топчуланат. Шымдын тизе жагы бекемделип жамалган. Шымдын этеги чоймо (боо менен тартуу системасы) менен тартылган, жабык кесик менен кайрылып тигилген. Шымдын арткы бөлүгү кокетка менен, сан жагында илмекке топчулануучу эки тилик чөнтөгү бар, жабышчаакка (топчуга) чапталат, отуруучу жери – бекемделип чапталып тигилген. Шымдын каптал бөлүгүндө көлөмүн чоңойтуу үчүн жашыруун бүктөмү (гармошкасы) бар, капкалдырыктары жабышчаакка (топчуга) чапталган, көлөмдүү чаптама чөнтөктөр тигилген;”;

– 45-пункттун алтынчы абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“УКМК (УКМК ЧК тышкары) үчүн: фуражка саргыч-жашыл түстөгү кездемеден, алкагы сыя-көк түстө, кебинде канаты жайылган бүркүт түрүндөгү эмблема жайгашкан. Бүркүттүн төшүндө ичине түндүк жайгаштырылган күндүн тегерек алкагынын сүрөтү менен калкан тартылган, оң чеңгелинде – кылыч, сол чеңгелинде – лавр бутакчасы, полковник наамындагы улук офицердик курамга Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү түшүрүлгөн эмблемага уруксат берилет;”.

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 28-декабрындагы №413 “Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн, башка аскердик түзүлүштөрүнүн жана мыйзам менен аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарынын аскер кызматчыларынын аскердик кийим формасын кийүүсүнүн, айырмалоочу белгилерди жана жабдыктарды тагынуусунун бирдиктүү эрежелерин бекитүү жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлыктын тиркемесинде:

– 5-пункттун 1-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы эскертүү менен толукталсын:

“Эскертүү: Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети (Чек ара кызматын кошпогондо) үчүн талаа кийим формасынын ордуна атайын форма жана сезон боюнча бийик кончтуу кара түстөгү ботинканын ордуна атайын бут кийим.”;

– төмөнкүдөй мазмундагы $54^1$-пункт менен толукталсын:

“$54^1$. Генерал-лейтенант А.К. Бакаев атындагы Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин академиясынын курсанттарынын күнүмдүк кийим формасы:

– жайкы кийим формасы – саргыч жашыл түстөгү фуражка, саргыч жашыл түстөгү китель, саргыч жашыл түстөгү багалеги коё берилме шым, саргыч жашыл түстөгү формалык көйнөк, алтын түстүү бекиткичи менен саргыч жашыл түстөгү жагоо, кара түстөгү кыска ботинка;

– кышкы кийим формасы – саргыч жашыл (боз) түстүү жасалма териден кулакчындуу тумак, саргыч жашыл (боз) түстүү жасалма териден чечилме жакасы менен саргыч жашыл түстөгү драптан кышкы пальто, саргыч жашыл түстөгү китель, саргыч жашыл түстөгү багалеги коё берилме шым, саргыч жашыл түстөгү формалык көйнөк, алтын түстүү бекиткичи менен саргыч жашыл түстөгү жагоо, саргыч жашыл түстөгү моюн орогуч, кара түстөгү кышкы кол кап, кара түстөгү ботинка.

Параддык кийим формасы күнүмдүк кийим формасы сыяктуу, жайкы кийим формасында ак түстөгү параддык көйнөк, ак түстөгү бел кур, ак түстөгү кол кап жана аксельбант менен.”.

**3.** Бул Жарлыкты ишке ашыруу тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджетте Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети үчүн каралган каражаттардын чегинде жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.

**4.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 29-декабры, №385***

САНАРИП КЫРГЫЗСТАН

### Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу «Кызмат» мамлекеттик мекемесинин директору Азамат ЖАПАРОВ:

# “САНАРИПТИК КЫЗМАТТАР – ЖАРАНДАРГА ЫҢГАЙЛУУЛУКТУ ШАРТТАЙТ”

**- Азамат Эрмекович, “Кызмат” мамлекеттик мекемесинин иштеп баштаганына 1 жыл болду. Бул аралыкта кандай иштер жасалды?**

- Ооба, мындан бир жыл мурда Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Нургожоевич Жапаров мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу, калкты каттоо жана документтештирүү иштерин жүргүзүүчү “Кызмат” мамлекеттик мекемесин түзүү боюнча 2024-жылдын 25-октябрында №304 Жарлыкка кол койгон.

Анын алкагында Президенттин иш башкаруучусу Каныбек Тургунбекович Туманбаевдин тапшырмасынын негизинде тез арада өлкөдөгү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу, электрондук кызматтарды уюштуруу, эң башкысы жарандар мамлекеттик кызматтарды алууда бюрократиясыз, кезексиз маселелелерди чечүү максаты коюлган. Анткени, калкты тейлөө борборлорунда, “Кадастр” ММде, “Унаа” ММде жарандардын кезектерде туруусу орун алган учурлар көп эле. Мындан улам, жогорудагы 3 мекемеге “Түндүк” тиркемесине кезекке туруу программасы “Кызмат” ММ тарабынан иштелип чыгып киргизилген. Натыйжасында, жарандарга ыңгайлуу убакыттарында онлайн кезекке туруп, тийиштүү кызматтарын алууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Айта кетсек, бүгүнкү күндө өлкө боюнча 52 калкты тейлөө борбору калкка кызмат көрсөтүүдө. Биздин мекеме мамлекеттик деңгээлдеги санариптик продуктулардагы жана платформалардагы долбоорлоодон тартып толук кандуу пайдаланууга чейинки иштеп чыгуу, киргизүү жана колдоо иштерин аткарат. Биз мамлекеттик мекемелердин техникалык операторлору болуп тандалганбыз. Ал мекемелерде санариптештирүү ишин жүргүзүү негизги иштерибизден болуп саналат.

**- Өлкөбүздө жарандык паспорттор жана ID-карталар өзүбүздөн чыга баштады. Ошондо Кыргызстандан чыккан паспорттор эл аралык стандарттын талаптарына жооп береби?...**

- Ооба, бүгүнкү күндө “Учкун” ААКсы Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлиги жана “Кызмат” ММ Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкаруучусу Каныбек Тургунбекович Туманбаевдин жетекчилиги алдында уникалдуу дизайн менен 2025-жылдын үлгүсүндөгү биометрикалык паспорттордун жаңы бланктарын иштеп чыгуу боюнча чоң иштер жүргүзүлүп, бланктар толугу менен кайра иштелип чыккан. Жаңыртылган дизайнга бир катар кошумча коргоо элементтери кошулуп, 2025-жылдын үлгүсүндөгү Кыргыз Республикасынын жаранынын жаңы биометрикалык паспорттору ишке киргизилди. Документтерди сапаттуу жана өз убагында даярдоо – мамлекеттик коопсуздукту жана өлкөнүн санариптик өнүгүшүн камсыз кылуунун эң маанилүү бөлүгү.

**- Алдыда өлкөдө жарандык абалдын актылары тармагында ири санариптик реформа башталa турганын белгиледиңиз. Ошондо бул тармактагы документтердин баары электрондошобу?**

- Президент Садыр Нургожоевич Жапаровдун 2021-жылы Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды жарандарга көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоого багытталган Жарлыгы чыккан. Анын алкагында Кыргызстан ЖААК күбөлүктөрүн санарип форматка өткөрдү. Жарандык абалдын актылары тармагында ири көлөмдүү санариптик реформа башталууда. Эми ЖААКтын күбөлүктөрү «Түндүк» мобилдик тиркемеси жана мамлекеттик



электрондук кызматтар порталы аркылуу санарип форматта жеткиликтүү болот. 2025-жылдын 14-апрелинен тартып Бишкек жана Ош шаарларында, ал эми 1-майдан баштап өлкөнүн бардык облустарында «Түндүк» системасында бар маалыматтарды кайталаган кагаз маалымкаттарды берүү токтотулду. Өзгөчө учур катары 50 жаштан жогоркулар, социалдык жактан аярлуу жарандар жана документи Кыргызстандан сыртта пайдалануу зарыл болгон жагдайлар калтырылды. Бул мамлекеттик кызматтарды толук санариптештирүүгө карай маанилүү кадам. Санарип күбөлүк кагаз документ менен бирдей юридикалык күчкө ээ болуп, жарандарга документтерди сактоо жана алып жүрүү зарылчылыгын жокко чыгарат — керектүү маалыматтардын баары «Түндүктө» жеткиликтүү. Беш түрдөгү күбөлүктүн жаңы формалары бекитилди. (KG коду менен туулгандыгы тууралуу, нике, атын өзгөртүү, өлгөндүгү тууралуу) күбөлүктөр. Санарип күбөлүктөрдү киргизүү бир катар артыкчылыктарга ээ болуу менен бланктардын басылышына, сатып алынышына жана логистикасына кеткен чыгымдарды кыскартат.

**- Учурда кибер коопсуздук күч алып, көпчүлүктү бушайман кылууда. Мындай шартта жеке маалыматтардын корголушу, коопсуздугу кандай жолго коюлган?**

- Эч кандай кооптонууга негиз жок. «Түндүк» тиркемеси адамдын жеке номерине байланган болот. Аны менен катар электрондук кол тамга юридикалык жактан күчкө ээ. Коопсуздук жагы дыкат корголгон. Биздин мекемеде жеке маалыматтарга көзөмөл ишин жүргүзгөн атайын бөлүм иш алып барат.

**- Санариптик доордо ири иштерди, долбоорлорду аткарууга чоң команда, айти адистери, заманбап техникалык жабдыктар керектелери чындык. Бул жагдайда мүмкүнчүлүктөрүбүз кандай?**

- “Кызмат” ММ түзүлгөндөн кийин Мамлекет Башчысы Садыр Нургожоевич Жапаровдун тапшырмасын аткаруу максатында “Учкун” ишканасынын бир бөлүгүндө “Кызмат” ММ айти блок бөлүмү орун алган. Мамлекет тарабынан заманбап, акыркы үлгүдөгү компьютерлер менен камсыздалды. Кыска мөөнөттө айти адистери иштөө үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Мындай мүмкүнчүлүктөр өлкө ичинде жалгыз деп да айтууга болот. Бүгүнкү күндө Борбор Азияда Кыргызстандын санариптик чечимдери, көрсөткүчтөрү жакшы деңгээлде десек болот.

**- Алдыда дагы жаңы кандай долбоорлорду аткарганы турасыздар?**

- Жарандарга мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүнү жөнөкөйлөтүү, санариптик сервистерди өркүндөтүү уланууда. Жакында электрондук кезек системасына жарандар үчүн жаңы ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөр кошулду. Эми онлайн-кезекке жазылуу мүмкүнчүлүгү калктын тейлөө борборлорунда (КТБ) гана эмес, ошондой эле “Кадастр” ММде, “Унаа” ММдин системасындагы уюмдарда да жеткиликтүү болду. Тиркемеде реалдуу убакыт режиминде келген жарандардын саны көрсөтүлүп, жарандар эң аз кезек күткөн борборду тандай алышат. Ошондой эле Кыргызстанда автоунааларды онлайн кайра каттоо жана жаңы үлгүдөгү техпаспорт ишке кирди. Бул автоунааларды аралыктан, тез жана ыңгайлуу форматта кайра каттоого мүмкүнчүлүк түзөт. Бул өз кезегинде адам факторун азайтып, коррупциялык тобокелдиктерди кыскартат. Мындан тышкары, транспорт каражаттарын каттоо күбөлүгүнүн жаңы үлгүсү сунушталды. Бул бардык коргоочу элементтер менен камсыздалган. Документ заманбап коопсуздук стандарттарына жооп берип, жарандар аны 10 мүнөттүн ичинде ала алышат. Мындай жаңы чечимдер мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатууга, санарип трансформациясын өнүктүрүүгө багытталган. Алдыда өлкөгө келген туристтерди камсыздандырууну электрондоштурууну мерчемделүүдө. Бул дүйнөнүн бир катар өлкөлөрүндө ийгиликтүү ишке ашып келет. Мамлекеттин рейтингине да таасирин берет. Анткени өлкөгө келген жарандардын коопсуздугун камсыздоо зарыл.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

ЖАКШЫНЫН ЖАРЫГЫ

# ИЧКИ КЫЗМАТТАГЫ ИЗГИ ИШТЕР

***Эгемендүүлүктүн 30 жылында жаза аткаруу тутуму мамлекеттин көңүлүнөн тыш калып, ар бир келген бийлик тарабынан системага “тагдырдын өгөй балдарындай” мамиле кылынып келгени эч кимибизге жашыруун болбосо керек.***

А соңку жылдары бул тармакка өзгөчө көңүл бурулуп, кылмыш жоопкерчилигине тартылган жарандар үчүн катар-катар колониялар салынып, жазык тутумунун бир канча мекемелери заманбап тейде оңдолгону, айрыкча, абакта жаткандарга күндүр-түндүр тыным албай, көз салып турган кызматкерлердин маяналары бир кыйла көтөрүлгөнү кубандырууда. Өлкө жетекчилиги бул тармакка оң карап, жылыш жасап, тармактагы кызматкерлердин иштөөсүнө арка-бел, моралдык колдоо көрсөтүүнү көптөн бери атуулдук милдетине айлантып алган мамлекетчил инсандар тууралуу бул сапар азын-оолак кеп кылууга аракет кылдык.

Жыл жаңырар алдында Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын №31 мекемесине (мурунку №47 мекеменин бейтапканасы) ички кызматтын отставкадагы генерал-лейтенанты полковниги Марс Жусупбековдун жеке демилгеси менен Ооган согушунун жана согуштук чыр-чатактардын ардагерлеринин “Боевая Братство” коомунун башкармалыгынын төрагасы, генерал-полковник Абдыгул Чотбаев, Баткенчи



жоокерлер республикалык комитетинин төрагасы Сатыбек Молдалиев барышып, андагы мыкты иштеген ондогон кызматкерлерге Ардак грамоталары, кызмат учурунда өзгөчөлүктөрдү көрсөтүшкөн офицерлерди медалдар менен сыйлап, жабык жайлардагы абал менен жеринде таанышып кайтышты.

Жыл жаңырары менен береги Куралдуу күчтөрдүн ардактуу эс алуудагы “оор калибрдеги” генералдары менен полковниктерин өлкө аймагындагы бардык жабык жайларды кыдырып кызматкерлер менен жолугуп, аларга моралдык колдоо көргөзүп, үлгүлүү жүрүш-турушка ээ кызматкерлерди аскердик коомдордун атайын медалдары менен сыйлоо, жаш кадрлар менен тажрыйба бөлүшүү багытындагы алгылыктуу иштерди жүргүзүүгө бел байлаганы турушат.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

## ДАЙ ДАОГОНУ "ДОСТУК" ОРДЕНИ МЕНЕН СЫЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Бишкек шаарында катуу тиричилик калдыктарын утилдештирүүнүн негизинде электр энергиясын өндүрүү боюнча экотехнологиялык заводду куруу долбоорун ишке ашырууга кошкон олуттуу салымы үчүн "Цзюньсинь Хуаньбао Кей Джи Инвест" жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директору Дай Даого "Достук" ордени менен сыйлансын.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-декабры, №373***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 28-АВГУСТУНДАГЫ №531 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУУ РЕСУРСТАРЫ, АЙЫЛ ЧАРБА ЖАНА КАЙРА ИШТЕТҮҮ ӨНӨР ЖАЙЫ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ИЧҮҮЧҮ СУУ МЕНЕН КАМСЫЗДООНУ ЖАНА САРКЫНДЫ СУУЛАРДЫ ЧЫГАРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮ ДЕПАРТАМЕНТИ ЖӨНҮНДӨ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУУ РЕСУРСТАРЫ, АЙЫЛ ЧАРБА ЖАНА КАЙРА ИШТЕТҮҮ ӨНӨР ЖАЙЫ МИНИСТРЛИГИНИН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кызматкерлердин эмгек укуктарынын кепилдиктерин, ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу секторун өнүктүрүүнү башкаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын ишин улантууну камсыз кылуу жана кадрдык потенциалды сактоо максатында, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 4-беренесинин 4-бөлүгүнө, 38-беренесинин 2-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 28-августундагы №531 "Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаменти жөнүндө жана Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин айрым маселелери тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 14-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"14. Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) бул токтомду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин бекитилген штаттык санынын жана республикалык бюджетте тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга каралган каражаттардын чегинде жүзөгө ашырылат деп;

2) Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматынын алдындагы "Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу" мамлекеттик мекемесинин иштеп жаткан кызматкерлери (техникалык жана тейлөөчү персоналды кошпогондо) мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарда белгиленген квалификациялык жана башка талаптарга ылайык келген шартта кенже, улук жана башка кызмат орундарына дайындалуучу адамдын мамлекеттик органдын кадрлар резервинде турууну жөнүндө талапты эске албастан Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаментинде мамлекеттик жарандык кызматтын тиешелүү кызмат орундарына дайындалууга тийиш деп.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-декабры, №836***

## "МАНАС" ЭПОСУНУН ҮЧИЛТИГИНДЕГИ БАШКЫ КААРМАНДАРДЫН ЫСЫМДАРЫН КОЛДОНУУ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Манас" эпосу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** "Манас" эпосунун үчилтигиндеги башкы каармандардын ысымдарын колдонуу тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 25-сентябрындагы №634 "Товардык белгилерде, тейлөө белгилеринде, юридикалык жактардын аталыштарында "Манас" терминин жана анын негизинде келип чыккан сөздөрдү жана сөз айкаштарын пайдалануунун тартибин бекитүү жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-октябрындагы №555 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 5-пункту.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-декабры, №837***

## ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫНЫН ШАЙКЕШТИГИН БААЛОО ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин 2025-жылдын 23-майындагы №45 "Бажы биримдигинин Комиссиясынын 2011-жылдын 9-декабрындагы №877 чечимине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" чечимин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Жеке ишкер катары катталган юридикалык жак же жеке жак тарабынан үчүнчү өлкөлөрдөн ташып келинген, чыгарылган күндөн тартып 3 жылдан ашпаган транспорт каражаттарынын шайкештигин баалоо эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Жеке ишкер катары катталган юридикалык жак же жеке жак тарабынан үчүнчү өлкөлөрдөн ташып келинген, чыгарылган күндөн тартып 3 жылдан ашпаган транспорт каражаттарынын шайкештигин баалоо боюнча иштерди жүргүзүүгө сейрек учуроочу транспорт каражатын баалоо жөнүндө корутундуну берүү менен (сейрек учуроочу транспорт каражаты үчүн) жумуштарды жүргүзүүгө жана транспорт каражаттарынын конструкциясынын коопсуздугу күбөлүгүн берүүгө аккредитацияланган жана Евразия экономикалык биримдигинин шайкештикти баалоо боюнча органдарынын бирдиктүү реестринин улуттук бөлүгүнө киргизилген контролдоо органдарына (лабораторияларга) ыйгарым укук берилсин.

**3.** Ушул токтомго ылайык шайкештикти баалоодон өткөн транспорт каражаттары (шасси) Кыргыз Республикасынын аймагында гана жүгүртүүгө чыгарылууга, сатылууга, эксплуатациялоого жана мамлекеттик каттоодон өтүүгө тийиш.

**4.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик борбор мындай транспорт каражатын каттоо жөнүндө күбөлүктө "ТКны Кыргыз Республикасынын аймагында гана эксплуатациялоого жол берилет" деген жазууну көрсөтүү менен ушул токтомго ылайык шайкештикти баалоодон өткөн транспорт каражаттарын каттоону камсыз кылсын.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-декабры, №838***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БЮДЖЕТТИК СИСТЕМАСЫНЫН БЮДЖЕТТЕРИНИН УБАКТЫЛУУ БОШ КАРАЖАТТАРЫН ЖАЙГАШТЫРУУ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бюджеттик каражаттарды натыйжалуу башкаруу, Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын жайгаштыруу жол-жоболорунун ачык-айкындыгын жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 71, 111-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын жайгаштыруу тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №135 "Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу тартибин бекитүү тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 22-декабрындагы №704 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №135 "Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу тартибин бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 27-январындагы №41 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №135 "Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу тартибин бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө" токтому.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-декабры, №839***

## ЛИЦЕНЗИЯЛАНУУГА ТИЙИШ БОЛГОН, АДАМДАРДЫН ӨМҮРҮНӨ ЖАНА ДЕН СООЛУГУНА ЗЫЯН КЕЛТИРҮҮ ТОБОКЕЛДИГИ МЕНЕН БАЙЛАНЫШКАН КОШУМЧА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ТИЗМЕГИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн рыногун кеңейтүү, атаандаштыкка жөндөмдүү чөйрөнү түзүү максатында, "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 23-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Лицензиялануга тийиш болгон, адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келтирүү тобокелдиги менен байланышкан кошумча билим берүү программаларынын тизмеги тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги өздөрүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-декабры, №840***

## А.Ш. АТАМБАЕВДИ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫКТАРЫНАН АЖЫРАТУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук сотунун 2025-жылдын 3-июнундагы өкүмүн аткаруу үчүн, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары, ардак наамдары жана мамлекеттик сый акылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесинин 1, 2, 4-бөлүктөрүнө, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Атамбаев Алмазбек Шаршенович төмөнкү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарынан ажыратылсын:

1) "Кыргыз Республикасынын Баатыры" Кыргыз Республикасынын эң жогорку артыкчылык даражасы;

2) II даражадагы "Манас" ордени;

3) "Данакер" ордени;

4) "Даңк" медалы.

**2.** Жокко чыгарылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Президентинин 1999-жылдын 22-апрелиндеги №106 "А.Ш. Атамбаевди "Даңк" медалы менен сыйлоо жөнүндө" Указы;

2) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын 27-ноябрындагы №518 "А.Ш. Атамбаевди "Данакер" ордени менен сыйлоо жөнүндө" Жарлыгы;

3) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2011-жылдын 30-ноябрындагы №311 "Республиканын мамлекеттик жана коомдук ишмерлерин мамлекеттик сыйлыктар менен сыйлоо жөнүндө" Жарлыгынын үчүнчү абзацы;

4) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 27-ноябрындагы №1 "А.Ш. Атамбаевге "Кыргыз Республикасынын Баатыры" эң жогорку артыкчылык даражасын ыйгаруу жөнүндө" Жарлыгы.

**3.** Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына караштуу Сот аткаруучулар кызматы белгиленген тартипте мамлекеттик сыйлыктар фондуна андан ары өткөрүп берүү үчүн ушул Жарлыктын 1-пунктунда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарын жана аларга таандык документтерди алып коюу боюнча чараларды көрсүн.

**4.** Бул Жарлык кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 25-декабры, №377***

## ТУУГАНДАРДЫН БИРГЕ ИШТЕШИНЕ ЖОЛ БЕРИЛҮҮЧҮ МАМЛЕКЕТТИК ЖЕ МУНИЦИПАЛДЫК УЮМДАРДЫН ТИЗМЕГИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 29-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Туугандардын бирге иштешине жол берилүүчү мамлекеттик же муниципалдык уюмдардын тизмеги тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 16-августундагы №372 "Туугандардын бирге иштешине жол берилүүчү мамлекеттик уюмдардын тизмеси жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 29-декабры, №842***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2020-ЖЫЛДЫН 3-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №51 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНДА КЫЗМАТ ӨТӨӨНҮ УЮШТУРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын жаза аткаруу системасынын кадр саясатын жакшыртуу жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-февралындагы №51 "Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөөнү уюштуруу маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында конкурс өткөрүүнүн жана кадрлар резервин түзүүнүн тартиби жөнүндө жободо:

– 13-пунктта: он үчүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– параметрлери укук коргоо органы тарабынан белгиленүүчү сүрөттөр;";

төмөнкүдөй мазмундагы он сегизинчи абзац менен толукталсын:

"– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген деңгээлде мамлекеттик тилди билүүсүн күбөлөндүрүүчү ыйгарым укуктуу органдын сертификаты.";

– 30-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"30. Конкурстун бардык этаптарын өткөрүүдө видео жазуу жүргүзүлөт.";

– 39-пункттун онунчу абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кадрлар резервинен чыгарылган талапкерлерге Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготкондо, окутуу курстарынан, квалификациясын жогорулатуудан, кайра даярдоодон жана стажировкадан өтүүдөн баш тартканда, бош кызмат ордун сунуштоо үчүн чакырууга эки жолу келбегенде жана "Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 6-бөлүгүндө каралган учурларда он төрт жумуш күндүн ичинде билдирүү жиберилет.";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кызматка алгачкы жолу алынган 35 жаштан ашкан адамдар дайындалуучу Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын кызмат орундарынын тизмегинде:

– 3-глава төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. Жазаларды аткаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда

1. Маалыматтык технологиялар тармагындагы адистердин кызмат орундары (IT-адистер).

Эскертүү. Орто жана улук жетектөөчү курамдын кызмат орундарына 35 жаштан жогору, бирок 40 жаштан жогору эмес, адистиги боюнча 5 жылдан кем эмес эмгек стажы бар адамдар кабыл алынышы мүмкүн.

**2.** Медициналык кызматкерлердин кызмат орундары.

Эскертүү. Орто жана улук жетектөөчү курамдын кызмат орундарына 35 жаштан жогору, бирок 45 жаштан жогору эмес, адистиги боюнча 5 жылдан кем эмес медициналык стажы бар адамдар кабыл алынышы мүмкүн.

Зарыл болгон учурда саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык медициналык персоналдын маянасы менен Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык эмгек келишими боюнча орто жана улук жетектөөчү курамдагы кызмат орундарын ээлөөгө жол берилет.

**3.** Курулуш чөйрөсүндөгү адистердин кызмат орундары.

Эскертүү. Орто жана улук жетектөөчү курамдын кызмат орундарына 35 жаштан жогору, бирок 47 жаштан жогору эмес, курулуш жаатында 5 жылдан кем эмес стажы бар адамдар кабыл алынышы мүмкүн.

Зарыл болгон учурда Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык эмгек келишими боюнча орто жана улук жетектөөчү курамдагы кызмат орундарын эркин жалданган персоналдын маянасы менен ээлөөгө жол берилет.";

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Конкурстук тандоосуз кабыл алынуучу Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын кызмат орундарынын тизмегинде:

– 3-глава төмөнкүдөй мазмундагы 11-пункт менен толукталсын:

"11. Курулуш чөйрөсүндөгү адистердин кызмат орундары.".

**2.** Бул токтомду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын бекитилген штаттык санынын жана республикалык бюджетте тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга каралган каражаттардын чегинде жүргүзүлөт деп белгиленсин.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 29-декабры, №841***

## 2012-ЖЫЛДЫН 28-СЕНТЯБРЫНДА ЯЛТА ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН МУНАЙ ЖАНА ГАЗ БОЮНЧА ӨКМӨТТӨР АРАЛЫК КЕҢЕШТИ ЖОЮУ ЖӨНҮНДӨ ПРОТОКОЛДУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2012-жылдын 28-сентябрында Ялта шаарында кол коюлган Мунай жана газ боюнча өкмөттөр аралык кеңешти жоюу жөнүндө тиркелген протокол бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине жогоруда аталган Протоколдун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө кабарласын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер**
**Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 29-декабры, №843***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 22-ЯНВАРЫНДАГЫ №29 "ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТТИ ӨНҮКТҮРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА УЛУТТУК КЕҢЕШ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жасалма интеллектти өнүктүрүү маселелери боюнча улуттук кеңештин курамын актуалдаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 22-январындагы №29 "Жасалма интеллектти өнүктүрүү маселелери боюнча улуттук кеңеш жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер**
**Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 29-декабры, №844***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ДЕНИ САК ӨЛКӨ – ДЕНИ САК УЛУТ



Республикалык кан аркылуу жугуучу вирустук гепатитке каршы күрөшүү жана ВИЧ-инфекциясын көзөмөлдөө борборунун директору **Үмүткан ЧОКМОРОВА:**

# "БИРИ-БИРИБИЗГЕ КАМ КӨРҮҮ МЕНЕН ВИЧти БИРГЕ ЖЕҢЕБИЗ"

***Республикалык кан аркылуу жугуучу вирустук гепатитке каршы күрөшүү жана ВИЧ-инфекциясын көзөмөлдөө борборунун директору Чокморова Үмүткан Жусуповна биз менен болгон баарлашуусунда учурда жүргүзүлүп жаткан аракеттер, алардын натыйжасында пайда болгон ийгиликтер тууралуу айтып берди.***

**– Үмүткан айым, жыл сайын 1-декабрда Бүткүл дүйнөлүк СПИДге каршы бир айлык өткөрүлүп келет. Мына ушул иш-чараны кандай өткөрүп алдыңыздар?**

– Быйыл "Өзүңө жана башкаларга кам көрүү менен ВИЧти бирге жеңебиз" деген девиздин алдында өлкөбүздө СПИДге каршы күрөшүү күнүнө арналган бир айлык иш-чаралар өткөрүлдү. Калктын ВИЧ/СПИД маселелери боюнча маалымдуулук деңгээлин жогорулатуу менен ВИЧ инфекциясынын алдын алуу боюнча бир айлык жана 2025-жылдын 1-декабрында – Бүткүл дүйнөлүк СПИДге каршы күрөшүү күнүн өткөрүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин №152 буйругунун негизинде Улуттук борборлордун, республикалык, облустук, шаардык, райондук саламаттык сактоо уюмдарынын, Бишкек шаарынын мэриясынын саламаттык сактоо башкармалыгынын жетекчилери, И.К.Ахунбаев атындагы КММАнын, С.Б. Данияров атындагы КММКДжКЖИнун ректорлору, медициналык колледждердин, облустук жана Бишкек шаардык кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана ВИЧ-инфекциясын көзөмөлдөө борборлорунун директорлоруна жер-жерлерде бир айлыкты өткөрүү боюнча иш-чаралардын планын иштеп чыгууну жана ишке ашырууну, ММКларды жана блогерлерди тартуу, ошондой эле теле-радио эфирлерин өткөрүү аркылуу ВИЧ/СПИД маселелери боюнча калктын маалымдуулук деңгээлин жогорулатуу милдеттендирилген.

Бир айлыктын алкагында өткөрүлгөн сынактын жыйынтыгы менен 2025-жылдын 25-декабрында "Биз бирге өзүбүзгө жана баарына кам көрүп, ВИЧти жеңебиз" аттуу улуттук медиа сынагынын сыйлыктарын тапшыруу аземи өткөрүлүп, медиа-иштерди баалоонун жыйынтыгы боюнча калыстар тобунун мүчөлөрү бир добуштан конкурстун жеңүүчүлөрүн аныкташты. «Басма жана онлайн ЖМКларда, ошондой эле башка санарип медиа аянтчаларында жарыяланган мыкты материал» номинациясы боюнча — Ничипорова Нина («Вечерний Бишкек» басма үйү); «Мыкты радиоматериал» номинациясы боюнча – Рысмамбетова Нурайым («Sputnik» маалымат агенттиги); «Мыкты телекөрсөтүү материалы» номинациясы боюнча — Асамбаев Калыгул («Ала-Тоо 24» каналы, УТРК) сыйланды.

Медиа-иштерди баалоонун жыйынтыгы боюнча калыстар тобунун мүчөлөрү бир добуштан «Позитивдүү жаштар» коомдук фонду тарабынан берилген байгеге кызыктыруучу сыйлыктар менен сыйлангандар болду. Алар: Кожоназарова Асылзат («Чекит Медиа» сайты); Усенова Гүлбүбү (УТРКнын «Радиоклиника» программасы); Туратбек кызы Гулира (УТРК–Нарын).

1-декабрь – Бүткүл Дүйнөлүк СПИДге каршы күрөшүү күнү 1998-жылдан бери өткөрүлүп келүүдө. Бүткүл дүйнөлүк СПИДге каршы күрөшүү күнүнүн максаты – ВИЧ-инфекциясынын жана СПИД боюнча глобалдык маалымдуулукту жогорулатуу жана пандемияга каршы эл аралык тилектештикти көрсөтүү. Бул күнү мамлекеттик жана жеке секторлордогу өнөктөштөргө пандемиянын абалы жөнүндө маалымат таратуу, ВИЧ жана СПИДдин алдын алуу, дарылоо жана кам көрүү боюнча прогресске көмөк көрсөтүү үчүн эң реалдуу мүмкүнчүлүк берилет.

**– Үмүткан Жусуповна, узак жылдардан бери ушул мекемени ийгиликтүү жетектеп, аны менен кошо мезгил өтүшү менен СПИД дартынын абалына кесипкөйлүк бааңызды берип келе жатасыз. Учурда мамлекетте абал кандай?**

– Азыркы заманда ВИЧ-инфекциясынын эпидемиясы көп өлкөлөргө таасирдүү социалдык-экономикалык кризис алып келип жаткандыгы эч кимге жашыруун эмес. Бул илдет өтө көп терс таасирин калтырып жатат. Анткени ВИЧ/СПИД бүткүл дүйнөлүк коомчулуктун жана коомдук саламаттыкты сактоонун глобалдык көйгөйүнө айланып бараткат. Азыркы шартта АИВ-инфекциясынын эпидемиясы Жер шары боюнча, айрыкча Чыгыш Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрүндө, анын ичинде Кыргызстанда таркалуусу уланууда.

АИВ-инфекциясынын эпидемиясынын алдын алуу боюнча биздин өлкөбүздө чечкиндүү жана натыйжалуу иш-чаралар көрүлүп келүүдө. Кыргыз Республикасында саламаттыкты сактоону реформалоого багытталган Улуттук программанын бирден-бир максаты – бул өлкөнүн аймагында АИВ илдетинин жайылышын көзөмөлгө алуу жана анын таркалуусун азайтуу болуп эсептелет. Ошондуктан кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборуна өзгөчө милдеттер жүктөлгөн.

**– ВИЧ инфекциясы менен гепатит оорусунун алдын алуу боюнча 2030-жылга Глобалдык максаттар коюлган жана максатка жетүү үчүн кандай иштер жүргүзүлүп жатат?**

– ВИЧ инфекциясы жана кан аркылуу жугуучу гепатит оорулары бир эле биздин Кыргызстанда эмес, бүткүл дүйнө жүзүндө адам баласынын ден соолугун көзөмөлдөөдө актуалдуу маселелердин катарында турат. Бүгүнкү күнү негизги максатыбыз: ВИЧ-инфекциясын жуктуруп алгандарды эрте аныктоо жана алар ооруну башкаларга жуктура электе дарылоону эрте баштоо.

2015-жылы 25-сентябрда БУУнун Башкы ассамблеясы тарабынан кабыл алынган резолюциясында Туруктуу өнүгүүнүн максаттарынын бири катары дүйнө коомчулугуна 2030-жылга СПИД, кургак учук, безгек жана гепатит ооруларынын бир дагы жаңы учуру катталбасын деген максат-милдеттенмелер коюлган. Бул максаттарды ишке ашыруу үчүн ЮНЭЙДС (Бириккен улуттар уюмунун ВИЧ/СПИД боюнча программасы) Эл аралык уюму тарабынан 2026-жылга 95:95:95 стратегиясы кабыл алынган. Бүгүнкү күнгө алдын ала маалымдоочу "СПЕКТРУМ" программасынын негизинде 12000 ВИЧ-инфекциясын алып жүрүүчү тирүү адамдар жашайт. Бул стратегиянын негизинде 2026-жылга карата ВИЧ-инфекциясын алып жүргөндөрдүн 95 пайызы өзүнүн статусун билиши керек. Биз 9034 адамды же 82% аныктадык. Дагы 2000ге жакын вирусту алып жүрүүчүлөрдү табышыбыз керек. ВИЧ-инфекциясын алып жүргөндөрдүн 95 пайызы дарылануучу камтылышы кажет. Биз тапкан 9034 адамдын ичинен 6357си же 70% дарылоого камтылды. Дарыланып жаткандардын 95 пайызы ВИЧ-инфекциясын алып жүргөндөрдүн канынан вирустун саны аныкталбашы керек. Азыркы учурда 6357 даарылануучу камтылгандардын ичинен 5791де вирустун көлөмү аныкталбайт, биз 91%га жеттик.

**– Бул стратегияга жетүү үчүн бизде кандай мүмкүнчүлүктөр бар?**

– 2021-жылы Кыргыз мамлекети БУУнун Башкы ассамблеясынын 95-95-95 стратегиясына жетүү милдеттенмесин кабыл алган. Мамлекеттик каржылоонун 2016-жылдан бери көбөйүшүнө байланыштуу, ВИЧ-инфекциясын алып, жүрүүчүлөрдү аныктоочу тест-системалардын жана дарылоочу (АРТ) антиретровирустук дарылардын 80%ы мамлекеттин эсебинен каржыланат, 20% ГФ тарабынан сатылып берилет. ВИЧ-инфекциясы аныкталары менен дарылоо башталат. Белгилей кетчү жетишкендиктердин бири – бул ыкманын негизинде ВИЧ-инфекциясын жуктуруп алгандардын ден-соолугунун оңолушу, узак жашоосу, өнөктөшүнө жана боюнда бар кезде түйүлдүккө ВИЧ-инфекциясын жуктуруу коркунучунун азайышы болуп саналат.

Боюнда бар аялдарды 2021-жылга чейин өнөктөшү менен бирдикте бир жолу каттоого турганда ВИЧке текшерилсе, азыркы учурда ВИЧ-инфекциясы балдардын арасында катталып жаткандыгын эске алып 2 жолу текшерүүнү (биринчи жана үчүнчү үч айлыгында) 2021-жылдан баштап киргиздик. Эгер аял каттоого турбай төрөткө келсе, чыпалактан кан алып тестирлөө жүргүзүлөт жана оң натыйжа чыкса АРТга кошуу үчүн бардык төрөт бөлүмдөрү экспресс-тесттер, эне жана ымыркай үчүн АРВ (антиретровирустук) дарылар менен камсыз кылынган. Биздин эң чоң ийгиликтерибиздин бири ВИЧ инфекциясынын энеден балага берилүү жолун болуп көрбөгөндөй азайтканыбыз болду. Мындан 10 жыл мурун энеден балага берилүү жолу 39 пайызды түзсө, азыр 2,4 пайызга түшүрдүк. ВИЧ инфекциясы менен жашаган ата-энелерден таза балдар төрөлүп жатат. Эгерде жубайлардын бирөөсү оорул жатса, бирөөсүнө жукпайт. Бул биздин мекемелерибиздин заман талабына жараша иштеп жаткандыгынын далили десек болот.

Лабораториялык жол менен тастыктоо мөөнөтү кыскартылды. Мурда 2 ай ичинде жыйынтыгы чыкса, бүгүнкү күндө 1 күн ичинде жыйынтыгы берилет.

Электрондук система (ЭС) толук киргизилди. Бул электрондук карта, лабораторияда электрондук каттоо жана жыйынтыгын электрондук форматта берүү болуп саналат. ВИЧ-инфекциясын алып жүрүүчүлөрдү эрте аныктоо үчүн жаңы ыкма – чыпалактан кан алып экспресс-тест менен аныктоо үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунда жана жалпы дарыгерлер борборлорунда, ошондой эле эл аралык уюмдардын каржылоосу менен 2022-жылдан тарта өзүн-өзү тестирлөө ыкмасы менен ВИЧке тестирлөө киргизилген.

Андан башка аярлуу топтордун арасында алдын алуу программалары иштейт. Кыргызстанда 24 метадон менен алдын




→

алуучу пункттар бейөкмөт уюмдарда, үй-бүлөлүк дарыгерлер борборлорунда жана Мамлекеттик жазаны аткаруу мекемесинде иштеп жатат. Бүгүнкү күнү 800-950 баңги затын ийне аркылуу колдонгон адамдар метадон программасына камтылган. 19 бейөкмөт уюмунун базасында колдонулган шприцтерди алмаштыруучу пункттар иш алып барууда. 19 бейөкмөт уюмдарынын базасында аярлуу топтордун арасында ВИЧ-инфекциясын алып жүргөндөрдү шилекейден аныктоо ыкмасы киргизилди.

**– Оорулуулар өзүнүн оорусун кандай кабыл алышат? Дарыгерлер менен тыгыз байланышта болуп дарылануунга кызыгышабы?**

– Албетте мында маселе бар. Маселен, өзүнүн анализинин жыйынтыгын укканда өзүн-өзү кодулагандар болот. Анализдин жыйынтыгына ишенбестик пайда болот да, көпкө чейин борборго келүүдөн баш тартышат. Же жашаган жерин өзгөртүшөт, анализ тапшырууда туура эмес дарек айтып коюшат. Эң өкүнүчтүүсү, убакытты өткөрүп жиберишип, акыркы терминалдык СПИД стадиясына жеткенде кайрылышат (кошумча оорулар: кургак учук, гепатиттер ж.б. оорулар пайда болот), көпчүлүгү өлүмгө дуушар болушат. Медициналык кызматкерлер жашаган жерине бир нече жолу барууга туура келет, дарылануудан баш тартышат.

**– Үмүткан Жусуповна, ВИЧ-инфекциясынын таралышы жана анын кесепети тууралуу айтып берсеңиз...**

– ВИЧ/СПИД дүйнө жүзүндө күч алып, чагылгандай тез таркап жатат. Окумуштуулардын маалыматы боюнча бир күндө 16000, минутасына 11 адам ооруну жуктуруп алууда. Дагы бир өкүнүчтүү жагы, бул оору продуктивдүү эмгекке жарамдуу калктын катмарына таралып жаткандыгында. "Бул оору менен оорубайм" деп эч ким кепилдик бере албайт. Оору жашына, бийлигине, байлыгына, улутуна карабайт, баарыбызга бирдей коркунуч бар. Республикада алгач бул оору 1987-жылы катталган. 1987–1996-жылга чейин учкучтарды даярдоочу аскердик окуу жайына Африкадан жана башка өлкөлөрдөн келип окугандардан, доктор Назаралиевдин клиникасына келип дарыланышкан баңгиден жапа чеккен чет элдик жарандардан катталып келген. 1996-жылга чейин Кыргызстан өз атуулдарынан СПИД оорусу катталбаган бирден-бир өлкө болуп келгенбиз.

2025-жылдын 1-декабрына карата бардыгы – 15391 ВИЧ-инфекциясын алып жүргөндөр катталды, анын ичинен КР-нын жарандары – 14477. Эпидемия башталгандан бери 3776 киши каза болду, 870и чет элдик атуулдар. Бул оору бардык региондордо катталууда: Жалпы катталгандардын ичинен Бишкек шаарында 4161(28,7%) учур, Ош - 3587 (24,7%), Чүй - 3520 (24,3%), Жалал-Абад - 1681 (11,6%), Ысык-Көл - 600 (4,1%), Баткен - 386 (2,7%), Нарын - (4%), Талас облусунда - 227учур (1,6%) катталган. Жынысы боюнча: эркектер-63,0%ды, аялдар -37,0%ды түзөт. Жугуу жолдору боюнча: жыныстык жол-63,3%, кан аркылуу жугуу жолу-29,4 %, энеден балага берилген жолу 2,3%, такталбагандар 4,9%ды камтыйт.

Этияттыктын жетишсиздиги жана өз ден-соолугуна жоопкерчиликсиз мамиле



кылуу ВИЧ-инфекциясынын жыныстык жол аркылуу таралышына өбөлгө түзүүдө. Жыл сайын жаңы аныкталган учурлардын арасында 2017-жылдан 2025-жылга чейин 73%дан 79,9%га өскөн. Ал эми парентералдык (инъекциялык наркотиктерди колдонгондо) жол менен 2017-жылдан 2024-жылга чейин 25%дан 1,7%га чейин азайган.

**– Бул дарттын калктын калың катмарына тарабашы үчүн кандайдыр бир мыйзамдык чара көрүлүшү керек да. Сиздердин борбор кандай нормативдик документтердин негизинде иштерди алып барат?**

– АИВ-инфекциясы жаатындагы мамлекеттик саясат көп сектордук мамилеге негизделген. Азыркы учурда "ВИЧ/СПИД жөнүндө" Мыйзам кайра каралып чыгып, "Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө", "Калктын саламаттыгы жөнүндө" мыйзамдарга интеграцияланган. Министрлер Кабинетинин алтынчы «Кыргыз Республикасында 2027–2030-жылдарга ВИЧ-инфекциясын жана вирустук гепатиттерди жоюу боюнча мамлекеттик программасы» иштелип чыгып жатат. Буйруса, жылдын аягына чейин мамлекет тарабынан бекитилет. Бул программада адамдын иммунодефицит вирусунан (АИВ-инфекциясы) пайда болуучу өнөкөт оорулардын жана вирустук гепатиттердин жайылышынын алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын максаты, милдеттери жана негизги багыттары аныкталган. Программаны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы каралууда. Кыргыз Республикасынын министрликтерине, мамлекеттик комитеттерине, административдик ведомстволоруна, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына иш-чаралар планын аткаруу милдеттендирилген.

**- Деги эле оорунун алдын алуу боюнча мамлекеттик саясатты координациялоо кимге жүктөлгөн?**

- АИВ-инфекциясын жеңүү маселелери боюнча министрликтердин, ведомстволордун, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын, жарандык коом мекемелеринин, жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишин координациялоону жана оптималдаштырууну күчөтүү үчүн КР Министрлер Кабинетине караштуу АИВ/




СПИДге, кургак учукка жана безгеке каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик координациялык кеңештин иши КР Министрлер Кабинетине караштуу Коомдук саламаттыкты сактоо боюнча коомдук координациялык кеңештин ишине интеграцияланган.

**– ВИЧ-инфекциясын жана гепатиттин алдын алуу үчүн кандай иштер жүргүзүлүп жатат?**

– ВИЧ-инфекциясы боюнча айтсам, ВИЧти алып жүргөн энеден төрөлгөн ымыркайдын согончогунан кан алып текшерүү ыкмасы киргизилген. Муну менен ымыркайда ВИЧ-инфекциясы бар же жок экени биринчи 48 саатта эле аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлдү. Акыркы эки жылдын ичинде өзүн-өзү тестирлөө, катнашка чейинки алдын алуу ыкмасы, боюнда бар аялдарды ВИЧ-инфекцияга 2 жолу (биринчи жана үчүнчү үч айлыкта) текшерүү, бейөкмөт уюмдардын базасында дарылоо жана бардык стационарларда кан аркылуу экспресс тестирлөө ыкмалары киргизилди.

Республика боюнча Россия Федерациясы тарабынан гуманитардык жардам катары берилген 9 мобилдик клиника иштеп жатат. Клиниканын негизги максаты алыскы региондордо жашагандардын, аярлуу топтордун жана мигранттардын арасында алдын алуу иштерин жүргүзүү жана жугуштуу ооруларды эрте аныктоо болуп саналат. Бул клиниканын ичинде УЗИ, ЭКГ аппараттары, акушердик керебет, аспаптары менен жана лабораториясы бар. Манжадан алынган кандан бир убакта 4 инфекцияны: ВИЧти, вирустук гепатиттин В жана С түрүн жана сифилис оорусун аныктаса болот.

Мобилдик клиниканын аркасы менен 2016-жылдан бери 132 326 киши экспресс-тест менен текшерилип, анын ичинен 31 ВИЧ-инфекциясын алып жүргөндөр, 4795 гепатит оорусунун "В" түрү жана 1368 "С" түрү, 1159 сифилис оорусу менен ооругандар аныкталып, андан ары тастыкталып, бүгүнкү күндө тийиштүү дарыларын алышууда.

Вирустук гепатит ооруларынын алдын алуу үчүн көптөгөн аракеттер жүргүзүлүп жатат. Кыргыз Республикасында Чыгыш Европа жана Орто Азия өлкөлөрүндө биринчилерден болуп гепатиттин В түрүнүн алдын алуу үчүн чоңдор арасында 2023-жылдан тарта ыктыярдуу акысыз эмдөө жүргүзүлүүдө. 2025-жылдын 1-декабрына карата эмдөөнүн 1-дозасын-300911, 2-дозасын -24191*, 3-дозаны –192591 адам алды.

2023-2024-жылдар ичинде 2025-жылдын 1-декабрына чейин республика боюнча вирустук гепатиттерге 2 195 360 акысыз анализдер жасалып, анын ичинен вирустук "В" гепатитине – 1 099 583 адам текшерилип, 36 663 адамдан вирустук В гепатити аныкталган, вирустук "С" гепатитине 1 095 777 адам текшерилип, 20664 адамдан оң жыйынтык аныкталган, бүгүнкү күнгө 5173 вирустук гепатит С менен ооругандар айыкты.

Ар бир оң белги аныкталганда райондук, облустук, республикалык санэпид.көзөмөлдөө борборлоруна шашылыш билдирүү берилип, алар тарабынан жаңы учур же өнөкөт оору экендиги такталат.

Андан тышкары гепатит менен ооруган адамдарга ЭТ, вакцинация, лабораториялык анализдер (ИФА, ПЦР), дарылоо мамлекеттен акча каражаты бөлүнгөндүгүнө байланыштуу бекер жүргүзүлүүдө, ошондой эле боорду эластографиялоо (фиброскан) үчүн үч аппарат сатылып алынды, азыркы учурда адистер окутулуп, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө (Бишкек, Ош, Жалал-Абад шш.).

**– Ооруну кандайча токтотууга болот жана кантип алдын алуу керек?**

– Ооруну токтотуп калуунун бирден-бир куралы бул – маалымат. Элге тынбай маалымат берип, түшүндүрүү иштерин жүргүзө берүү керек. Оорукана ичинде ВИЧ-инфекциясынын, гепатит оорусунун «В», «С» түрлөрүнүн медициналык аспаптар аркылуу тарашынын алдын алуу максатында колдонулган аспаптардын туура жугушсуздандырылышына, жуупп-тазаланышына, стерилизация болушуна жана донордун канынын жогорудагы инфекцияга текшерилбей куюлушуна, ВИЧ-инфекцияга текшерилүүгө көрсөткүчү бар контингенттердин толук текшерилүүсүнө катуу көзөмөл жүргүзүлөт.

Жогоруда белгилегенимдей СПИД оорусуна каршы күрөшүү бир гана медициналык кызматкерлердин жумушу эмес, жалпы коомчулук бирдикте иш алып барышыбыз зарыл. Облустарда облустук мамлекеттик администрациясынын алдындагы ВИЧ, кургак учук жана безгек боюнча координациялык комитеттердин иштерин жандандыруу керек.

**– Маанилүү маегиңиз үчүн Сизге чоң рахмат. Жоопкечиликтүү зор иштериңизди ийгиликтер жылоолой берсин!**

**Биз жогоруда кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана ВИЧ инфекциясын көзөмөлдөө борборунун директору Чокморова Үмүткан Жусуповна менен учурда көйгөйлүү дарт менен күрөшүүдө кандай иш-чаралар жүрүп жаткандыгы тууралуу маек курдук. Аталган борбордо ушул дарттын алдын алып сактануу үчүн мамлекетибиздин жарандары менен олуттуу, маанилүү аракеттер болуп жатканы коомчулугубузга маалым. Үмүткан айымга, коллективине ийгиликтерди каалайбыз. Элибизди ушул дарттардан сактоодо жалпы жамааты менен бирге опол-тоодой аракеттерди жасай бере тургандыктарына ишенебиз.**

**Раиса ДҮЙШӨНБЕКОВА**



Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 27-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №5-Б "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БЮДЖЕТТИК КЛАССИФИКАЦИЯСЫН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" БУЙРУГУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНИН

## БУЙРУГУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомуна ылайык **буйрук кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-Б "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү тууралуу" буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда баяндалган буйрук менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына:

1) "1.Кирешелер классификациясы" главасына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- "11 Салыктык кирешелер" категориясына, "115 Эл аралык соода жана тышкы операция үчүн салыктар" тобу:
- "11511100 Электрондук соода товарларына карата бажы алымдары" элементи менен толуктaлсын;
- "11513100 Чет өлкөлүк автоташуучулардан жыйым" элементи алып салынсын;
- "14 Салыктык эмес кирешелер" категориясында:
- "1415 Ресурстарды пайдалануу жана чалгындоо үчүн ижара акы жана жыйымдар" топчо:
- "14151200 Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн жыйым" элементинде "жер казынасын" деген сөздөргө чейин "жергиликтүү бюджетке" деген сөздөр менен толуктaлсын;
- "14151300 Республикалык бюджетке жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн жыйым" элементи менен толуктaлсын;
- "1423 Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр" топчодон:
- "14232700 Театралдык постановкаларды көргөзүү үчүн акы" элементи алып салынсын;
- "14239 Дагы башка түшүүлөр" беренеси бардык элементтери менен алып салынсын;
- "1424 Башка иштерден каражаттардын түшүүсү" топчонун "14243300 Жатаканаларда жашоо үчүн түшүүлөр" элементинде "жатаканаларда" деген сөздөн кийин "жана офицердик курамдын үйлөрүндө" деген сөздөр менен толуктaлсын;

2) Кирешелердин классификациясын колдонуу тартибинде:

- "11 Салыктык кирешелер" категориясында, "115 Эл аралык соода жана тышкы операцияларга салыктар" тобу:
- "11511100 Жеке жактар тарабынан электрондук соода аркылуу сатып алынган товарларга карата Евразия экономикалык биримдигинин бажы аймагына алып кирүүгө байланыштуу алынуучу бажы алымынын каражаттары эске алынат" элементи менен толуктaлсын;
- "11513100 Чет элдик авто ташуучулардан жыйымдар, Кыргыз Республикасынын аймагынан үчүнчү мамлекеттердин аймагына же үчүнчү мамлекеттердин аймагынан Кыргыз Республикасынын аймагына чет элдик авто ташуучулар атайын уруксаты жок жүктөрдү ташуу үчүн жыйымдардын түшүүсү каралат" элементи алып салынсын;
- "14 Салыктык эмес кирешелер" категориясында:
- "141 Менчиктен кирешелер жана пайыздар" топчо:
- "14151200 Кыргыз Республикасында пайдалуу кен казып алууларды издөө жана/же чалгындоо жана/же иштеп чыгуу максатында кендерди пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйымдар эсепке алынат" элементинде "Республикасында" деген сөздөн кийин "жергиликтүү бюджетте" деген сөздөр менен толуктaлсын;
- "14151300 Кыргыз Республикасында пайдалуу кен казып алууларды издөө жана/же чалгындоо жана/же иштеп чыгуу максатында кендерди пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйымдар республикалык бюджетте эсепке алынат" элементи менен толуктaлсын;
- "142 Товарларды сатуудан жана кызмат көрсөтүүдөн кирешелер" тобунда:
- "14232700 Театралдык постановкаларды көрсөтүү, атап айтканда: спектакль, балет, опера, цирк программасы, концерттик программа ж.б. көрсөткөндүк үчүн төлөмдөр эсепке алынат" элементи алып салынсын;
- "14239 Башка түшүүлөр" топчо бардык элементтери менен бирге алып салынсын;
- "1424 Башка иштерден каражаттардын түшүүсү эсепке алынат" топчонун "14243300 Окуу жайына таандык жатаканада жашагандыгы үчүн студенттерден, кызматкерлерден же башка адамдардан алынган акча каражаттары эсепке алынат" элементи төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын "Жатаканаларда, офицердик курамдын үйлөрүндө жашагандыгы жана коммуналдык тейлөөгө кеткен чыгымдарды жабуу үчүн түшкөн каражаттар, башкача айтканда, окуу жайга таандык жатаканада жашагандыгы үчүн студенттерден, кызматкерлерден же башка адамдардан алынган акча каражаттары эске алынат.";

3) "2. Чыгашалардын экономикалык классификациясы" главада:

- "217 Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу" тобунун "22171 Медициналык багыттагы медикаменттерди жана буюмдарды алуу" топчосу төмөнкү элементтер менен толуктaлсын:
- "22171500 Эпизоотияга каршы иш-чаралар үчүн ветеринардык дары каражаттарын алуу";
- "22171600 Асыл тукум материалдарын алуу";

4) "Чыгымдардын экономикалык классификациясын колдонуу тартибинде":

- "217 Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу" тобунун "22171 Медициналык багыттагы медикаменттерди жана буюмдарды сатып алуу" топчосу төмөнкү элементтер менен толуктaлсын:
- "22171500 Профилактикалык диагностикалык жана ликвидациялык ветеринардык иш-чараларды жүргүзүүдө колдонулуучу ветеринардык препараттарды, вакциналарды, диагностикалык каражаттарды жана дезинфекциялоочу каражаттарды сатып алууга байланыштуу чыгымдар",
- "22171600 Асыл тукум (генетикалык) материалын, анын ичинде үрөндүк материалды, эмбриондорду, асыл тукум малды, ошондой эле айыл чарба жаныбарларын көбөйтүү, асыл тукумдук сапатын жакшыртуу жана өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн зарыл болгон башка биологиялык ресурстарды сатып алууга байланышкан чыгымдар";

5) "4. Функционалдык классификация" главада:

- "7017 Мамлекеттик карыз жана баалуу кагаздар менен байланышкан операциялар" топчо "70173 Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жеңилдетүү эсеби" коду менен толуктaлсын;

6) "Функционалдык классификациясын колдонуу тартибинде":

- "7017 Мамлекеттик карыз жана баалуу кагаздар менен байланышкан операциялар" топчосу "70173 Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жумшартуу эсеби Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жумшартуу эсебине каражаттардын келип түшүүсүн жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жумшартуу эсебине каражаттарды которууну камтыйт" коду менен толуктaлсын:

7) 5. Ведомстволук классификация" главада:

төмөнкү коддор жана министрликтер/ведомстволордун аталышы менен толуктaлсын:

- "15320 Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик борбору".
- "19140 Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына караштуу Сот аткаруучулар кызматы";
- "23320 Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине караштуу "Е-Дипломат" мамлекеттик мекемеси";
- "26860 Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жеңилдетүү эсеби";
- "31911 Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги (кош каржылоо)";
- "31921 Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги (грант)";
- "31931 Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги (кредит)";
- "41141 Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаменти";
- "41240 Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматынын алдындагы "Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу объекттерин капиталдык куруу башкармалыгы";
- "41310 Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ветеринардык жана фитосанитардык көзөмөл кызматы";
- "61 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматы";
- "61110 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматы (аппарат)";
- "61120 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматы (ведомстволук мекемелер)";
- "61130 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын "Салык Сервис" мамлекеттик мекемеси".
- "62 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы (аппарат)";
- "62110 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы (аппарат)";
- "62120 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы (ведомстволук мекемелер)";
- "78 Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча улуттук кеңештин катчылыгы" мамлекеттик мекемеси;
- "78120 Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча улуттук кеңештин катчылыгы" мамлекеттик мекемеси (аппарат)";
- 34 "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги" коду бардык ведомстволук классификациялар менен төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын;
- "34 Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги";
- "34110 Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги (аппарат)";
- "34121 Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги (ведомстволук билим берүү жана маданият мекемелери)";
- "34141 Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги (ведомстволук баштапкы кесиптик билим берүү мекемелери)";
- "34911 Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги (кош каржылоо)"
- "34921 Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги (грант)";
- "34931 Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги (кредит)";
- "41 Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги" кодунда тиешелүү ведомстволук классификациялар төмөнкүдөй

"41610 Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ветеринария, мал чарбасын өнүктүрүү, жайыт жана тоют кызматы (аппарат)";

"41620 Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ветеринария, мал чарбасын өнүктүрүү, жайыт жана тоют кызматы (ведомстволук мекемелер)";

"64 Кыргыз Республикасынын Дин иштер боюнча мамлекеттик комиссиясы" кодунда ведомстволук классификациялар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

- "64 Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттик";
- "64110 Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттик (аппарат)";
- "64220 Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттиктин алдындагы Диний жана этностор аралык кырдаалды изилдөө борбору";

"16 Кыргыз Республикасынын Жогорку соту" кодунда ведомстволук классификацияда "16330 Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментине караштуу "Адилет сот" маалыматтык технология боюнча мекемеси" алып салынсын;

"35 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги" коду бардык ведомстволук классификациялар менен алып салынсын;

"38 Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги" кодунан "38130 Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу "Социалдык коргоону санариптештирүү борбору" ведомстволук классификациясы алып салынсын;

"52 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттик" коду бардык ведомстволук классификациялар менен алып салынсын;

"56 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Этил спиртин, алкоголдук продукцияларды өндүрүүнү жана жүгүртүүнү контролдоо боюнча мамлекеттик агенттик" коду бардык ведомстволук классификациялар менен алып салынсын;

"77 Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясы" коду ведомстволук классификациялар менен алып салынсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы:

1) ушул буйрук катталган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин расмий сайтында жарыялаcын;

2) ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде көчүрмөлөрүн Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жиберсин;

3) ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде буйруктун көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жиберсин.

**3.** Ушул буйрук расмий жарыяланууга тийиш жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан "Төлөм жүгүртүүнүн мамлекеттик классификатору" бекитилгенден кийин 2026-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

**4.** Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына өзүнүн чечимдерин ушул буйрукка ылайык келтирүү сунушталсын.

**5.** Иш кагаздарын жүргүзүү жана аткарууну контролдоо бөлүмү ушул буйрукту Министрликтин түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнө билдирсин.

**6.** Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары - Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын директору У.М. Аманбаевге жүктөлсүн.

**Министр** **А.БАКЕТАЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 29-декабры, №245-Б***

# ПРИКАЗ

## МИНИСТЕРСТВА ФИНАНСОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## «О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ПРИКАЗ МИНИСТЕРСТВА ФИНАНСОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «ОБ УТВЕРЖДЕНИИ БЮДЖЕТНОЙ КЛАССИФИКАЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ» ОТ 27 СЕНТЯБРЯ 2023 ГОДА №5-П»

В соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года №115, **приказываю:**

**1.** Внести в приказ Министерства финансов Кыргызской Республики «Об утверждении Бюджетной классификации Кыргызской Республики» от 27 сентября 2023 года №5-П следующие изменения:

в Бюджетную классификацию Кыргызской Республики, утвержденную вышеуказанным приказом:

1) в главе «1. Классификация доходов» внести следующие изменения:

- категории «11 Налоговые доходы», группу «115 Налоги на международную торговлю и внешние операции»:

- дополнить элементом «11511100 Таможенная пошлина в отношении товаров в электронной торговле»;

- исключить элемент «11513100 Сборы с иностранных автоперевозчиков»;

- категорию «14 Неналоговые доходы»:

- в подгруппе «1415 Арендная плата и сборы за разработку и использование ресурсов»:

- в элементе «14151200 Сбор за удержание лицензии на право пользования недрами» после слова «недрами» дополнить словами «в местный бюджет»;

- дополнить элементом «14151300 Сбор за удержание лицензии на право пользования недрами в республиканский бюджет»;

- из подгруппы «1423 Поступления от оказания платных услуг»:

- исключить элемент «14232700 Плата за показ театральных постановок»;

- исключить статью «14239 Прочие поступления» со всеми элементами;

- в подгруппе «1424 Поступления средств от иной деятельности» в элементе «14243300 Поступления за проживание в общежитиях» после слова «общежитиях» дополнить словами «и домах офицерского состава»;

2) в «Указании по применению классификация доходов»:

- категорию «11 Налоговые доходы», группу «115 налоги на международную торговлю и внешние операции»:

- дополнить элементом «11511100 Учитываются средства таможенной пошлины в отношении товаров в электронной торговли, приобретенных физическими лицами, взимаемая в связи с их ввозом на таможенную территорию Евразийского экономического союза»;

- исключить элемент «11513100 Сборы с иностранных автоперевозчиков, где учитываются поступления сборов за перевозку грузов без специальных разрешений иностранными автоперевозчиками с территории Кыргызской Республики на территорию третьего государства или с территории третьего государства на территорию Кыргызской Республики»;

- категорию «14 Неналоговые доходы»:

- группу «141 Доходы от собственности и проценты»:

- в элементе «14151200 Учитываются сборы за удержание лицензий на право пользования недрами, с целью поиска и/или разведки, и/или разработки месторождений полезных ископаемых в Кыргызской Республике» после слова «Республике» дополнить словами «в местном бюджете»;

- дополнить элементом «14151300 Учитываются сборы за удержание лицензий на право пользования недрами, с целью поиска и/или разведки, и/или разработки месторождений полезных ископаемых в Кыргызской Республике в республиканском бюджете»;

- в группе «142 Доходы от продажи товаров и оказания услуг»:

- исключить элемент «14232700 Учитываются платежи за оказание показов театральных постановок, таких как: спектакль, балет, опера, цирковая программа, концертная программа и др»;

- исключить подгруппу «14239 Прочие поступления» со всеми входящими элементами;

- в подгрупе «1424 Учитываются поступления средств от иной деятельности» элемента «14243300 Учитываются денежные средства, полученные от студентов, сотрудников или иных лиц за проживание в общежитии, принадлежащем учебному заведению.» изложить в следующей редакции «14243300 Учитываются поступления за проживание в общежитиях, домах офицерского состава и покрытия расходов коммунального обслуживания, то есть денежные средства, полученные от студентов, сотрудников или иных лиц за проживание в общежитии, принадлежащем учебному заведению»;

3) в главе «2. Экономическая классификация расходов»:

- в группе «217 Использование товаров и услуг», подгруппу 22171 «Приобретение медикаментов и изделий медицинского назначения» дополнить элементами:

- «22171500 Приобретение ветеринарных лекарственных средств для противоэпизоотических мероприятий»;

- «22171600 Приобретение племенного материала»;

4) в «Указания по применению экономической классификации расходов»:

- в группе «217 Использование товаров и услуг», подгруппу «22171 Приобретение медикаментов и изделий медицинского назначения», дополнить элементами:

- «22171500 Расходы, связанные с приобретением ветеринарных препаратов, вакцин, диагностических средств и дезинфицирующих средств, используемых при проведении профилактических диагностических и ликвидационных ветеринарных мероприятий»,

- «22171600 Расходы, связанные с приобретением племенного (генетического) материала включая семенной материал, эмбрионы, племенных животных, а также иные биологические ресурсы, необходимые для воспроизводства, улучшения породных качеств и повышения продуктивности сельскохозяйственных животных»;

5) в главе «4. Функциональная классификация»:

- подгруппу «7017 Операции, связанные с государственным долгом и ценными бумагами» дополнить кодом «70173 Счет смягчения государственного долга Кыргызской Республики»;

6) в «Указания по применению функциональной классификации»:

- подгруппу «7017 Операции, связанные с государственным долгом и ценными бумагами» дополнить кодом «70173 Счет смягчения государственного долга Кыргызской Республики включает поступления средств со счета смягчения государственного долга Кыргызской Республики и перечисления средств на счет смягчения государственного долга Кыргызской Республики».

7) в главе «5. Ведомственная классификация»:

- дополнить следующими кодами и наименованиями министерств/ ведомств:

- «15320 Государственный центр по регистрации транспортных средств и водительского состава при Управлении делами Президента Кыргызской Республики»;

- «19140 Служба судебных исполнителей при генеральной прокуратуре Кыргызской Республики»;

- «23320 Государственное учреждение «Е-Дипломат» при Министерстве иностранных дел»;

- «26860 Счет смягчения государственного долга Кыргызской Республики»;

- «31911 Министерство науки, высшего образования и инноваций Кыргызской Республики (софинансирование)»;

- «31921 Министерство науки, высшего образования и инноваций Кыргызской Республики (грант)»;

- «31931 Министерство науки, высшего образования и инноваций Кыргызской Республики (кредит)»;

- «41141 Департамент развития питьевого водоснабжения и водоотведения при Министерстве водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики»;

- «41240 Управление капитального строительства объектов питьевого водоснабжения и водоотведения при Службе водных ресурсов при Министерстве водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики»

- «41310 Служба ветеринарного и фитосанитарного надзора при Министерстве водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики»;

- «61 Государственная налоговая служба при Кабинете Министров Кыргызской Республики»;

- «61110 Государственная налоговая служба при Кабинете Министров Кыргызской Республики (аппарат)»;

- «61120 Государственная налоговая служба при Кабинете Министров Кыргызской Республики (подведомственные учреждения)»;

- «61130 Государственное учреждение «Салык Сервис» при Государственной налоговой службе при Кабинете Министров Кыргызской Республики»;

- «62 Государственная таможенная служба при Кабинете Министров Кыргызской Республики (аппарат)»;

- «62110 Государственная таможенная служба при Кабинете Министров Кыргызской Республики (аппарат)»;

- «62120 Государственная таможенная служба при Кабинете Министров Кыргызской Республики (подведомственные учреждения)»;

- «78 Государственное учреждение «Секретариат Национального совета по развитию сферы виртуальных активов и блокчейн-технологий при Президенте Кыргызской Республики»;

- «78120 Государственное учреждение «Секретариат Национального совета по развитию сферы виртуальных активов и блокчейн-технологий при Президенте Кыргызской Республики (аппарат)»;

- код 34 «Министерство образования и науки Кыргызской Республики» со всеми ведомственными классификациями изложить в следующей редакции;

- «34 Министерство просвещения Кыргызской Республики;

- «34110 Министерство просвещения Кыргызской Республики (аппарат)»;

- «34121 Министерство просвещения Кыргызской Республики (подведомственные учреждения образования и культуры)»;

- «34141 Министерство просвещения Кыргызской Республики (подведомственные учреждения начального профессионального образования)»;

- «34911 Министерство просвещения Кыргызской Республики (софинансирование)»;

- «34921 Министерство просвещения Кыргызской Республики (грант)»;

- «34931 Министерство просвещения Кыргызской Республики (кредит)»;

- в коде «41 Министерство водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики» изложить соответствующие ведомственные классификации в следующей редакции:

«41610 Служба ветеринарии, развития животноводства, пастбищ и кормов при Министерстве водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики (аппарат)»;

«41620 Служба ветеринарии, развития животноводства, пастбищ и кормов при Министерстве водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики (подведомственные учреждения)»;

- в коде «64 Государственная комиссия по делам религий Кыргызской Республики» изложить ведомственные классификации в следующей редакции:

«64 Национальное агентство по делам религий и межэтнических отношений при Президенте Кыргызской Республики»;

«64110 Национальное агентство по делам религий и межэтнических отношений при Президенте Кыргызской Республики (аппарат)»;

